63 кырг
Н 90

Алмаз Нурдинов

# Оогандык кыргыздар



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

25000

63 КЫРГ
Н 90

АЛМАЗ
НУРДИНОВ



# ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАР

ЭССЕ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 441102

ОШ ОБЛУСТУК КИТЕП
КООМУ

Ош шаары, 1991-жыл.

АЛМАЗ НУРДИНОВ

АФГАНСКИЕ КЫРГЫЗЫ
(На кыргызском языке)

Редактору А. И. Бегимкулова
Тех. редактору М. О. Маматалиев
Корректору Т. Кудайбердиев
Сүрөтчүсү В. Евтушенко

ИН № 714018

Терүүгө 15.07.91 берилди. Басууга 15.08.91 уруксат берилди.
3,75 басма табак. Форматы 60x84 1/16. Буюртма
№ 4529. Нускасы 10000. Баасы 5 сом.

Обулустук редакциялык-өндүрүштүк бирикменин
Оштогу басмаканасы.
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 209.
Басма сөз үйү.

# ТУҢГУЧ СААМАЛЫК

Таланттуу журналист, СССР Журналисттер союзунун мүчөсү Алмаз Нурдиновдун оогандык кыргыздар жөнүндө жазган жол очерктерин мен мурда басма сөздөн окуп жүргөм. Анын чыйрак жазылган ыймандык-этикалык башка макалалары да мени кызыктыруучу. Жалпы эле анын жазгандарынан айрыкча окурмандарды ыраазы кылганы Ооганстанда жашаган кыргыз кандаштарыбыз жөнүндөгү очерктеринин сериясы болдуго деп ойлойм. Азыр аны өзүнчө китепче кылып чыгаруу бул учурдун талабы. Анан калса «Оогандык кыргыздарда» кыргыз адиси жазып жаткан туңгуч саамалык болуп саналат.

Ушул жерде эскерте кетчү нерсе — чет жактарда жашаган кыргыз тукуму эле эмес, Кыргызстанда жашаган кыргыздардын тарыхы деле жарытылуу изилденс электиги өтө өкүнүчтүү. Өз элибиздин тарыхын, маданиятынын тарыхый таржымалын, байыртан бери келе жаткан түптүү үрп-адатыбыз, каада-салтыбыздын, улуттук кулк-мүнөзүбүздүн тарыхын тереӊ изилдөөнү колго албай келе жатышыбыз улуттук илимибиздин кечиримсиз бөксөлүгү экендигин азыр турмуш айгинелеп жатат.

Жазмабыз өөрчүп-өскөндүгүнө бир кылымга жакындап бара тат. Бирок, Кытайда, Ооганстанда, Иорданияда, Монголияда, Түркияда, Пакистанда жана ар кайсы булуң-бурчтарда жашаган боордошторубуз жөнүндө жакшылыктуу жазылган тарыхый, публицистикалык маалыматтар таңкыс экендигин эч ким тана албайт. Ушул жагдайды эске алганда А. Нурдиновдун «Оогандык кыргыздарда» эссеси ошол бөксөлүктү толтурууга жасалган алгачкы аракеттерден.

Бул очерк—эссе өзүнө чейин жазылган макалалардан айырмаланып турат. (Мен Реми Дордун боордошторубуз тууралуу жазган тарыхый очеркинин «Ала Тоо» журналына которулуп

басылганын эске алып жатам). Алмаз Оогандык туугандарыбыздын азыркы оор абалына, көрүп жаткан кыйынчылыктарына кеңири токтолуп, далилдүү фактылар менен түшүндүрүп, алардын келечеги үчүн кам көрүүгө, ар кандай кырсыктардан, илдеттерден сактап калууга, балдарын алып келип окутууга жалпы кыргыз элин үндөйт. Ошондой эле өзүнүн ачык-айкын сунушу бар. Эми журтубуз, өзүбүз аны колдоого тийишпиз деп ойлойм.

Чындыгында 1978-жылы Ооганстанда Рахманкул хандан калып кеткен жана Пакистандан туулган жерине кайра барып жашап калган оогандык кыргыздар тууралуу биринчи болуп калкка Алмаз кабарлады.

Алмаз Кыргыз Республикасынан Ооганстандагы кыргыздарга эң биринчи жолу чыйыр салган журналист. Ал бир нече жолу барып келди. Эми мындан ары Оооганстанга гана эмес, башка чет өлкөлөрдөгү кыргыздарга да барып, алардын турмушунан көп-көп маанилүү, кызыктуу очерктерди жаза берет деген үмүттөмүн.

Эмесе, Алмазга ак жол каалайлы!

**Жээналы ШЕРИЕВ,**

**Ош педагогикалык институтунун проректору, филология илимдеринин кандидаты, профессор.**

Алгачкы китепчем 52 жашында ааламдан өтүп кеткен ардактуу атакем Нурдин Турганбай уулуна арнаган айкелим болсун.

# ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАРДА

**1989-жыл, октябрь.** Бул жолку командировка адаттагыдан башкача болду. Редакцияда иштегениме сегиз жыл болуп калса дагы, мурда далай жолу командировкага чыксам дагы аябай толкундапып чыктым. Себеби, азыр СССРдин аймагынан сырткары — Оганстан республикасына бараткан элем.

## АЛГАЧКЫ САПАР

Кыргызстандагы экинчи чоң калаа — Оштон түш ооган мезгилде чыгып кеттик. Күн жылуу болуп турду. Оштон Алай районунун борбору — Гүлчөгө барып, андан ары Сопу-Коргон кыштагына кечке жетип бардык. Кыштакта күздүн сыдырым жели согуп туруптур. Саргайган жалбырактар дарактардан үзүлүп, жерге карай каалгый учуп жатты. Ош калаасына караганда Сопу-Коргондо суук экен. Ушул жерде тыныгуу болду. Машиналарга май куюлду. Тамактандык. Кайрадан сапарыбыз уланды. Түн кирип калгандыктан маңдайдан чыга калган машинанын жарыгы көрүнсө айдоочу машинанын ылдамдыгын жайлата коёт. Анан кайрадан ылдамдыгын көбөйтөт. Терезени ачсаң муздак аба бетке урат. Ичиркене түшөсүң.

Ошентип, Кыргызстандын 40 жылдыгы, Кызыл-Арт ашууларын аштык. Кийинкиси деңиз деңгээлинен 4282 метр бийиктикте турат. Көпчүлүк айдоочулар ушул ашуунун чокусуна чыккандан кийин машинасын токтотуп, келген жагына көз жиберет. Чынын айтуу керек, бул ашуунун чокусунда туруп төмөн жакты тиктесең укмуштай көрүнүшкө туш болот экенсиң. Айрыкча,

түнкүсүн кызык. Төмөнтөн кумурскадай болгон машиналардын жарыгы көрүнөт. Ал жарыктар ушунчалык акырын жылгандыктан коңуздун жылганын аргасыздан көз алдыңа келтиресиң.

Жолдо түнөдүк. Айдоочулар чарчашты. Кийимчен эле уктадык. Эртеси таңга маал туруп кайрадан жолго чыктык. Түшкө жакын Тажик ССРинин тоолуу Бадахшан автономиялуу областынын аймагындагы «Ак Байтал» ашуусуна жеттик. Бул ашуу Ооганстанга жеткенге чейинки ашуулардын ичинен эң бийик ашуу экендигин кийин билдим. Анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 4655 метр бийик. Чокусуна карай баратканда дем алуу кыйындай баштады. Айрым оорулуу адамдар бул ашуудан аша албайт экен.

Сөз кезегинде айта кетүү абзел, Кыргызстандын Ош областына караштуу Сары-Таштан өткөндөн кийин эле дарак көрүнбөдү. Жер шагылдуу болгондуктанбы, айтор жылаңач тоолордон башка эч нерсе жок.

«Ак Байталдан» кийин Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автономиялуу областынын Мургаб району башталды.

Бул тоолуу райондун калкынын 82,2 проценти кыргыздар. Райондун жетекчилери менен жолугушуп аңгемелештик. Алардын Кыргызстандыктардан бирден-бир сурагандары мектеп окуучуларына кыргыз тилиндеги окуу куралдарынан жана адабий көркөм китептерден жардамдашышса деген сөз болду. Туура, Тажикстандан кыргыз тилиндеги окуу куралдары жана кыргыз тилиндеги адабий китептер чыгарылбайт. Ошондуктан, алардын китепканаларында кыргызча китептер өтө аз экен.

Мургабда түнөдүк. Машиналарга май куюлду. Эртеси түшкө жакын эки топко бөлүндүк. Ошентип, биринчи топ Ооганстандын Кичи Памирине, экинчи топ Чоң Памирине бармак болду. Биздин карамагыбыздагы он машина беш-бештен болуп бөлүндү. Түш ооганда Мургабдан Ооганстандын Кичи Памирине карай жол тарттык.

Ооганстандын чек арасына чейинки жол Мургабдын Киров совхозунун аймагын аралап барат.

## ООГАН ТООЛОРУ КӨРҮНӨ БАШТАДЫ

Ээн талаа, дарак дегенден эч нерсе көрүнбөйт. Алтымыш чакырымча жүргөндөн кийин гана зоолор кууш тарта баштады. Ооганстан тараптан агып келаткан Ак-Суу дарыясын бойлоп баратабыз. «Туугандар ичкен суу» деп койом ичимден. Мага

Ушул суу өтө ыйык сезилип кетти. Машинаны токтоттурдум. Тунунук көк кашка суудан жата калып ичтим. Шылдыраганынын кулак түрөм. Ал добуш суунун үнү эмес эле туугандардын бизге айттырган салам дубайы сыяктанды. Аны түшүнө тургансып бир топко чейин олтурдум тыңшап. Качан гана айдоочунун чакырган үнүн уккандан кийин ордумдан козголдум.

Машина бара тат ыңылдап. Тээ маңдайдан ак карлуу тоолор көрүнөт. Ошол Ооган тоолору! Ооба, биз бараткан боордошторубуз ошол тоолордун арасында жашайт. Ооба, ал тоолор Оогандагы Кичи Памирдин тоолору...

Айланадагы аска-зоолордун бети карарып турат. Ынтаа койун карасаң ал зоолордун бети жаркырап көрүнөт. Тегеректе дегеле эч нерсе көрүнбөйт, деги бир дарак болсочу. Жер шагыл болсо кайдан өссүн дарак бул жерге. Аска-зоолордун үстүндө булуттар эми уча турган зор канаттууга окшоп, самсаалап турат.

Мургабдан чыккандан кийин алтымышынчы чакырымга чейинки аралыкты мен аска-зоолор менен курчалган коргон сыяктуу элестеттим. Айлананды карасаң бүтүндөй эле жылаңач, карарып күн нуруна чагылышкан зоолор көрүнөт. Ошондуктан бул аймакта шамал да болбойт. Себеби, аска-зоолор тосуп калат. Кээде гана куюн болбосо дээрлик болбойт окшойт.

86 чакырымга жеткенде Токтомуш айылына туш болдук. Мында Токтогул Сатылганов атындагы орто мектеп бар. Бул айылдан кийин деле сапарыбыз жылаңач аска-зоолорду аралап баратты. Бир топ жүргөндөн кийин Шаймак кыштагына бардык. Бул жерде 63 түтүн, бир сегиз жылдык мектеп, медициналык пункт, клуб, дүкөн, мончо бар экен.

Сегиз жылдык мектепте жергиликтүү кадрлар жетишпегендиктен Кыргызстандан мугалимдер келип иштеп жатышыптыр. Атап айтсак Ысык-Көл областынан Бейшегожиев Тынчтыкбек жубайы Элмира менен Ош областынын Алай районунун Жошолу кыштагынан Ташматова Алмагүл күйөөсү Иса менен. Иса чарбада зоотехник экен .Ооба, бул айылда менин жакшы санаалаш жолдошум Рахман Талканчиев дагы жубайы Айчүрөк экөө төрт жыл мугалим болуп иштеп келишкен болуучу. «Шаймак– Ооганстандын чек арасына жакын айыл» деп айтышкандарын азыр эстеп жатпаймынбы.

Негизинен Шаймактыктар топоз, кой багышат. Мен айыл аксакалы Осмон аке менен аңгемелештим:

— Сиз Шаймакта көптөн бери турасызбы?

— Ооба, уулум, ооба, — деди карыя.

— Бул жерде шарт оор экен. Эмне себептен Мургабка же Ошко көчүп кетпейсиздер? — деген суроо бердим сынамакка.

— Ээ, балам, бул жерде менин ата-бабамдын сөөгү жатат. Аларды таштап кайда барам? Карачы, мынабу эле тоодо аркар-кулжалар оттоп жүрүшөт. Алар менен кошо жашап үйрөнүп калыпмын.Аларды таштап кайда барам? Кээде бу жерге жүк алып келген машиналарга түшүп сен айткан Ошко да барып калам иш менен. Калааңарда адам эмес, машинеңер да көп экен. Ызычуу. Чуру-чуу. Бири-бирине салам айтпайт. Эки күндөн ашык тура албайм. Ишим бүтсө да, бүтпөсө да баса берем качып. Башым ооруп кетет. Бу Шаймактай жерди кайдан табасың уулум, кайдаа-ан? — деди карыя колун жайып.

Ооба, кыргыз элинде эзелтен бери киндик кан тамган жер ыйык деген сөз келатпайбы? Ар кимге туулган жери кымбат эмеспи!

Шаймакта табигый ысык суулар жерден оргуп чыгып турат. Жергиликтүү аялдар кирлерин жууш үчүн суу ысытышпайт. Ошол оргуп чыгып жаткан ысык сууга барып жууп келишет. Бул ысык сууларды жергиликтүү бийлик колго алып, бассейндерге айландырса кандай жакшы болоор эле. А балким анын дарылык да касиети бардыр...

Биз Ооганстанга Шаймак кыштагынан жөнөп жатканыбызда баягы аке кызыгып сурап калды:

— Бу силер беш машина жүк менен кайда баратасыңар?

— Оогандык кыргыздарга баратабыз.

— Ооба, ооба. Жакшы кыласыңар. Алардан биз кабар албасак анан ким кабар алат? Менин да аталаш бир тууганым бар эле. Тирүүбү, өлүүбү билбейм. Биз го Совет өкмөтүнүн камкордугундабыз а тиги боордошторубузчу? Мен бул жөнүндө көп ойлоном. Зээним кейийт. Бирок менин колуман эмне келет? Тагдыр деген ушул тура. Мына, ушул көрүнгөн тоо Ооганстандын Кичи Памири. Анын арасында биздин бир туугандарыбыз жашап жатат, — деди каңырыгы түтөй...

Мен карыя көрсөткөн тарапты тиктейм. Ак кар жамынган тоолор... Ичине кандайдыр бир сырды каткансыган тоолор... Бизди сынагансып тиктеген тоолор... Толкундануум барган сайын ашып-ташыйт. Жакында бир боорлорду көрөм деген кыялым тээ алыска учат. «Деги алар кандай болушту экен? Кантип жашап жатышат? Басмачылардан сак бекен? Бизге боор тартышаар бекен?»



Ооган тоолору көрүнө баштады.

Туугандарга тезирээк эле жетсек экен дейм. Алып келе жаткан товарларды берип, аларды кубантсак экен дейм. Сүрдүү көрүнгөн алп тоолорду тиктейм. Ичимен: «Эми жетейин деп калдык го, тообо кылайынчы» дейм. Эмнеси болсо да, Ооган тоолору жаныбызда эле көрүнүп турду, күн нуруна чагылышып.

## АССАЛООМУАЛЕЙКУМ ТУУГАНДАР!

Мына, кечке жуук «Н» чек ара заставасына кирип келдик. Биз барган учурда солдаттар менен офицерлер СССРдин Конституциясынын күнүн белгилеп, эки топко бөлүнүп, валейбол ойноп жатышыптыр.

Күн сайын ушундайбы айтор түн суук болду. Сыртка чыксам палтонун этегин шамал делбиретип, учургусу келет.

Эртеси күн чыкканда Ооганстан республикасынын кыргыздар жашаган Кичи Памирине карай жөнөдүк. Жолдо Тегирмен-Суу деген жер бар экен. Тегирмен-Суу деп аталып калышына караганда мурун бул аймакта эгин эгилип, түшүм алынган болуш керек. Кыргыз эли жерге бекеринен ат койбогондугу тарыхта белгилүү эмеспи. Мурун климат жакшы болгон. Кийин арктикалык климатка айланып кетип, жылдын орточо температурасы кышында 32—40 градуска дейре суук, ал эми жайындасы болсо 18—24 градуска чейин ысык болуп турат.

Күн нуру бийиктей баштаганда Ооғандын аймагында болдук. Чек арадан бизди Оогандык туугандар тосуп алышты. Машиналардан түшкөн соң, алар менен көрүштүк.

— Кыйналбай келдиңиздерби?

— Жол азабы, көр азабы дегендей...

— Кыргыз туугандар жакшы турушабы, мал-жан аманбы?

Туугандар биздин ар бирибиз менен кучакташып көрүшкөн сайын жогорудагыдай суроолор менен кайрылып жатышты.

Бизди тосуп алышкан Оогандыктар менен жер үстүнө отура калып кең-кесири сүйлөшүп отурдук. Жаныбызда эле суу агып жатты. Бул суу баягы мен жата калып ичкен Ак-Суу экендигин сурап билдим.

— Урматтуу бир боорлор, — деп сөзүн баштады Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун бюро мүчөсү А. Мамеев.

— Силерге СССРдин Кыргыз республикасынын элинин атынан, аксакалдарынын атынан жалындуу ысык саламды билдирип коюуга уруксат этиңиздер. Силерге бир гана Кыргызстандагылар эмес, жалпы эле СССРде жашаган кыргыздар салам айтышты. Ал-ахвалыңарды билип кайтууну жана дубай саламды билдирип коюуну бизге тапшырышкан. Кандай жашап жатасыздар? Бала чакаңар, тууган-уруктарыңар кандай? Эмне жетишпестик болуп жатат? Бизден кандай жардамды күтөсүңөр? Жашырбай, тартынбай ачык айткыла. Эмне жардам керек? Мына, өзүңөр билесиңер өткөн жылы да 40 000 сомдук товар алып келген элек. Быйыл дагы 30 000 сомдук товар алып келдик. Анын жарымы Чоң Памирге жөнөтүлдү. Жарымы силерге келди. Машиналарда силерге кийим-кечектер, өтүктөр, тумактар, тон, калпак, комуз, балдарыңарга оюнчуктар, кайрымак, кыздарыңарга кездемелер, чыйбаркуттар бар. Биздин максатыбыз силер өксүбөгүлө, көңүлдүү жашагыла, оору-сыркоодон сырткары болгула. Силер биздин бир боорлорубузсуңар. СССРдеги кыргыздардын баары тең силер жөнүндө ойлошот, кандай жашап жатканыңарга тынчсыздашышат. Айрым маалыматтарга караганда араңарда наша чеккендер бар экен. Аны таштагыла. Ден-соолугуңарды сактагыла! Бала-чакаңардын келечегин ойлогула. Наша чеккенден көрө ага кеткен чыгымдын ордуна күндөлүк керектелүүчү нерселерди алгыла. Биздин арабызда кыргыз врачтары бар. Ооруганыңар аларга көрүнгүлө.

Андан кийин Оогастан республикасынын партиясынын өкүлү Ооганбек уулу Абдирашит чыгып сүйлөдү.

— Кош келибсиздер, туугандар. Жашырганда эмне, мына силер бар экенсиңер келип атасыңар. Башка ким келип атат?

Ошондуктан биз совет кыргыздарына, бир боорлорубузга ыраазычылык билдиребиз. Өткөн жылы да келип кеттиңиздер. Биздин эл силерди асаба катары көрөт. Силер менен сыймыктанабыз. Тагдыр экен, ушинтип экиге бөлүнүп калыптырбыз. Бул да болсо бешене. Бөлүнүп кеткенибизге карабай бизди тууган катары сезип, жардам бергениңиздерге кандай алкыш айтарыбызды билбей турабыз. Эмнеси болсо да, бир боор экенсиздер, колуңуздарды сунуп жатасыздар. Биздин элде билим алуу деген жок. Балдардын келечеги бизди аябай ойлондурат. Бирок, колубуздан эмне келет?! Эмне кылалмакбыз? Ушунун баарын сиздерден күтөбүз. Ишенген адамыбыз силерсиздер. Эгер биздин келечегибизди ойлосоңуздар, Оогандык кыргыздар кырылып кетпесин десеңиздер тез-тез келип кабар алып туруңуздар. Келип балдарыбызды окутуп, ооруларыбызды айыктырып бериңиздер. Эми сиздерге айтпасак кимге айтабыз? Жыл өткөн сайын оорунун түрлөрү эл арасында көбөйүп кетти. Аларды дарылай турган табыптарыбыз жок. Биз совет кыргыздарынан ушуну жалынып сuranабыз жана өтүнөбүз. Биздин таянаарыбыз силерсиңер.

Ооганбек уулу Абдирашиттен кийин анын жээни Маадосмон карыя чыгып сүйлөдү. Андан кийин Бука уруусунан элүү жаштардагы Жээнбек Койчуман уулу, кочкор уруусунан Акинай Кыдырмыш уулу, кесек уруусунан Каримбек Казыкурман уулу менен аңгемелештим. Алардын негизги эле сuranычтары кыргызстандыктар тез-тез келишип, кабар алышып турушса жана СССР дин чек арасында жашаган туугандары менен жолугушууга шарт түзүлсө деген ой.



Биздин таянарыбыз силерсиңер дешти боордоштор.

Биз менен барган врачтар Т. Абиров, А. Жумабаев, А. Сайбадинов, Б. Шананов жолдоштор оогандык кыргыздардын денсоолугун карашып, дары-дармектерин берип жатышты. Машиналардагы жүктөрдү түшүрүп, Ооганбек уулу Абдирашитке «айыл аксакалдары менен тең бөлүп алгыла» — деп тапшырдык. Эстеликке сүрөткө түштүк. Кийинки келериңерде сөзсүз ала келгиле деп калышты.

## КИЧИ ПАМИРЛИКТЕРДЕ

Оогандык кыргыздар Кичи жана Чоң Памир болуп эки жерде жашашат. Алар бири-бири менен күн ысыкта гана катташышат, той-тамашага, өлүм-житимге келишет. Кышындасы ортодогу бийик ашуу жабылып калгандыктан каттоо убактылуу токтоп калат. Ашуу ар жылы ар кандай ачылат. Кээде узак убакытка чейин кар эрибей каттоо болбой калат. Эки Памирде тең байыркы кыргыз уруулары бар. Мисалы, тейит, кесек, катаган, найман, окчун жана башкалар. Ошондой эле чоң уруулардан тараган кочкор, бука, шайым, алапа, кызыл-аш жана ушул сыяктуу уруулар.

Ооганстандагы апрель революциясына чейин Рахманкулдун 70 миң кою, 2 миң топозу, 300 төөсү жана көптөгөн жылкысы болгон. Анын малын 400дөн ашуун түтүн үй-бүлө багып турган.

1978-жылы 27-апрелде болгон Ооганстандагы төңкөрүштөн кийин Рахманкул элди июль айынын бир түнүндө эле Пакистанга көчүрүп кеткен. Ал жердин климаты ысык болгондуктан наристелер, аялдар, улгайган адамдар туруштук бере албай ооруп, кырыла башташкан. Себеби, мурунку жашаган жеринин климаты суугураак болгон.

Ушундай кырдаалда Ооганбек уулу Абдирашит өзүнө макул болгон 42 үй-бүлөнү кайрадан Кичи Памирге—туулган жерине ээрчитип жөнөгөн.

Ошентип, алар мурун эмнегедир көчпөй калышкан 9 үй-бүлөгө келип кошулушкан. Ошондон бери тукум-тукумга уланып, азыр Кичи Памирде 102 үй-бүлөлүү кыргыз, 12 үйлүү вахандар тажиктер жашап жатат. Жалпысынан Кичи Памирде бүгүнкү күндө 460 кыргыз бар.

Биз Пакистандан 42 үйлүү кыргызды кайра өз жерине үндөп алып келген, Ооганстан республикасынын партиясынын өкүлү Ооганбек уулу Абдирашит менен көпкө чейин сүйлөшүп отурдук.

Рахманкул хандын өмүрүнүн акыркы жылдарындагы келбети.



— Оогандык кыргыздар эмнеге муктаж болуп жаткандыгын жана өз сөзүңүздө айтып өттүңүз. Аны түшүндүк. Эми биз сизден азыркы шарт тууралуу билгибиз келет.

— Азыркы абалды өзүңүздөр деле баамдап калдыңыздар окшойттор. Эл караңгы. Жогоруда айтып кеткендей сиздерден гана жардам күтөбүз. Сиздерге гана ишенебиз.

— Басмачылардан коопсуздук жокпу деген ойду айткыбыз келди эле.

— Биздин эл алардан дайыма кабатыр болуп турат. Эртеңки күндүн кандай болоорун ким билет? Сак турган жакшы эмеспи. Кудай сактасын.

— Биз сизди Кичи Памирликтердин кадырлуу адамы катары билип жатабыз. Өзүңүз да эл үчүн дайыма камкордук ко-

рүп, алардын келечеги тууралуу тынчсызданат экенсиз. Жүрөгүңүздү өйүгөн эң негизги маселе эмне?

— Элдин арасына ар кандай оорунун жайылып кеткендиги. Аларга өзүбүздүн жардам бере албай жаткандыгыбыз. Ушинтип олтурсак аягы эмне менен бүтөрүн билбейм...

Абдирашит акенин беш уулу жана кызы бар. Кызы мурунку жубайынан. Ал каза болгондон кийин башкага үйлөнгөн. Кызы Кичи Памирдеги эң чоң бай Афанди байга турмушка чыгыптыр. Ал эми уулу Абдибали да үйлөнүп, бир кыздуу болуптур. Аны өз алдынча бөлүп, боз үй тигип берип чыгарыптыр. Экинчи уулу дагы эр жеткен, азырынча үйлөнө элек.

Жыйырма алты жаштагы Абдибалинин бир сөзүн окурмандарга, кыргыз журтчулугуна айтпай кетсек күнөө болор. Ал бизге колундагы араб тилиндеги Владимир Ильич Лениндин китебин көрсөтүп, «Мен билимимдин жоктугунан ушул Ленин атамдын китебин окуй албай, түшүнө албай жүрөм, окугум келет, билим алгым келет. келечекте илимдин кызыкчылыгы үчүн иш кылгым келет. Бирок , кантип? Сиздер мени ала кетип окутпайсыздарбы? Сиздердин айткан кебиңиздерден чыкпай жүрөт элем. Көптөн-көп суранам, Советке ала кеткиле мени» — дейт Анын сөзү баарыбыздын зээнибизди кейитти.

Бул жигиттин атасы Ооганбек уулу Абдирашит шайым уруусунан болот. Кичи Памирдин Кызыл-Орум деген айылында жашайт. Массанын арасында чоң кадыр-баркка ээ. Балдары да эс акылдуу тарбияланган.

Кичи Памирдин эң чоң байы Афандинин 3000ден ашык кою, 150 топозу, 6—7 аты жана башка көптөгөн байлыктары бар. Афанди байдын эки аялы бар. Экөө эки боз үйдө турат. Анын койлорун төрт жалчы кайтарат. Анын балдарынын кийгендери жакшы. Колдорунда швейцариялык саат. Ал эми колунда жоктордун болсо кийингендери кадимки эле чокой, чыйбаркуттан жасалган эски, жамаачыланган чапандар...

Кичи Памирде жогоруда биз айтып кеткендей 102 үй-бүлөнүн ичинен 241 эркек, 183 аял, 82 наристе кыздар, калгандары балдар.

Оогандык кыргыздардын оюндары беш-таш, ашык-атмай, күрөш, бука тартмай, бекинчек, улак тартышуу, аркан талашмай, жилик талашмай, ооган тебиш жана башкалар.

Ооган тебиш деген оюну эки адам жатып алып бирин-бири буттап тээп тургузат. Кимиси шеригин тургузууга мажбурлай алса ал жеңишке ээ болот.

Жилик талашмайы болсо, көптөгөн эркектер калтага салынган жиликти жөө чуркап талашып, бири-биринен качып, калтаны башкаларга бербей качып кетет. Кыйын чуркаган баардыгына жеткирбей паттага барып таштайт. Паттага биринчи ташгаганына мурунтан белгиленип коюлган соорун берилет. Соорундун түрү ар түрдүү тагыраак айтканда той берип жаткан адамдын байлыгына байланыштуу болот.

Ашык атышмайы кадимки эле биздеги ордо оюну. Биздин республикабызда деле мындан жыйырма жыл мурун ордо оюну ар бир айылда ойнолуучу. Кийинчерээк сенектик доордун таасири менен улуттук оюндарга маани берилбей кетпедиби. Мына, азыркы кезде гана аны эл арасында өркүндөтүүгө аракет жасалууда. Бирок, аны билген жаштар аябай эле аз экендигин ким тана алат? Муну айтып жаткан себебим Оогандык туугандарда ашык атмай ар бир айылда ойнолот. Жайкы мезгилдерде күн сайын ойнолот десек да жаңылышпайбыз.

Күрөш оюну — аларда чалып жыкканы туура болуп эсептелет. Биздин элибизде күрөш ар кайсы райондордо ар башка болуп жүрөт. Чалып жыкканын туура деп эсептегендери да, көтөрүп чапканды туура деп эсептегендери да бар.

Бекинчегине жаштар гана кошулат. Бул оюн түнү ойнолот. Кыргызстандыктарда бул оюн мындан жыйырма жыл илгери бар эле. Азыр калып кетти. Менин эсимде, жайлоодо ар кайсы конуштагы балдар, кыздар чогулуп, түнү купкуу сөөктү (жиликти) ыргытып, аны табууга баарыбыз чуркачуубуз. Аны талашкан учур өтө кызыктуу эле. Күнүгө түн кирип ай чыкканда сөзсүз ойночубуз. Мурунку түнү балдарга таарынып калган кыз-келиндер эртеси деле келе беришчү... Оогандык кыргыздар ошол биздин «Ак-Чөлмөк» деген оюнубузду бекинчек дейт экен. Оюндун жүрүшү кудум эле биздин «Ак-Чөлмөктөгүдөй».

**Бука тартышы** — эки жигит моюндарына эки жиптин учундагы илмекти илип алышып тартышат. Кимиси күчтүү болсо ошонусу сүдүрөп кетет. Буга ар ким чыга бербейт. Ар уруунун, ар айылдын балбан жигиттери жалпы журтчулукка маалым болуп калган. Ошолор бири-бирине чыгышат. Жаңыдан чыгып келаткан балбан жигиттер аш тойлордо өз күчүн көрсөткөндөн кийин тез эле элге таанылып кетет.

**Аркан талашмайга**—эки уруунун же эки айылдын жигиттеринен беш-алтыдан бөлүнүп чыгышат да, арканды эки тарапка тартышат. Ким сүдүрөп кетсе алар утукка ээ болот.

Улак тартышуу деле биздегидей эле, бирок, Оогандык туугандарда бул оюн сейрек кездешет. Себеби буларда аттар аз. Атты колунда барлары атайы улак чабыш үчүн же мингич катары пайдалануу үчүн алыс болсо да, Сархатга, Хандутка барышып, 20—25 койго алмаштырып келишет.

Тамак-аш түрлөрүнөн айта турган болсок, уп, күрүч, чай, кант, калемпир жана башка ушул сыяктуулар аларда жок. Аны да колунда барлары коңшулаш Вахандык тажиктерге Сархатка, Хандутка барышып, натуралдык соода жүргүзүп алып келишет. Дегиңкиси жогоруда айтылгандар колунда бар адамдарда деле аз колдонулат. Алар сый адамдар келип калганда гана колдонушпаса күндөлүк тамактарында колдонушпайт.

Негизинен күндөлүк жеген тамактарына—койтумак, паймерек, эт кирет.

Койтумак дегени — айранга топоздун сүтүнөн кошуп чалып ичет. Паймерек — айран менен каймакты аралаштырып жиберет. Бул эки тамак тең өтө күчтүү.

Кээде жасашса да колунда бар үй-бүлөлөр чабаты жешет. Аны унду жайып, кадимки биз сыяктуу эле жасашат. Бул унду үнөмдөөдөн пайда болсо керек. Ооба, ундун таңсыктыгынан чабаты сыйлуу тамактардын катарына кирет.

Сүт тарткан машина жок болгондуктан топоздун сүтүн бышырып, каймагын калпып алат. Сүттү убал болот деп жерге төкпөйт. Чогулткан майды сызгырып, кышкыга деп карынга куюп катып коюшат. Кышындасы согумга мал союшат, карындагы майларын алып жешет.

Жылкыны союп жешпегендиктен, казы-карта, чучук дегенди билишпейт. «Жылкынын этин жеш күнөө» — деп айтышат. Ошондуктан айрым убакта кырсык болуп, союуга туура келген жылкыларды деле жешпейт. Бул жылкынын аздыгынан улам пайда болгон сезим болуш керек. Болбосо бизде жылкынын этин жеп, казы картасына, чучугуна сыймыктанып жүрүшпөйбү. Памирде жылкы асыйдан жогору гана бар. Себеби, жылкынын асыйга чейинкиси түтөгүп өлүп калат. Демек, кымызды да туугандарыбыз билишпейт. Асыйдан жашыраагы кунандар түтөгүп өлүп калгандан кийин жаңыдан туулган кулундар кантип чыдай алсын! Ошондуктан, башка жактардан асыйдан жогоркусун гана атайы барып алып келишет.

Эл балыкты аз жейт. Биз көптөгөн кайырмак алып барып бердик. Жана ал кайырмак менен кантип кармоону да түшүндүрдүк. Дарыясында осмон, маринка деген балыктар болот. Суудан кайрымак менен балык кармоону мурун түк көрүшпөгөн экен.

биз түшүндүргөндөн кийин кубанып калышты. Дарыяда балыктын ушунчалык көптүгүнөн суунун түбү көрүнбөйт.

Төл башталган убакта бири-бирин куттуктап, жакшылык каалап, «Төлгө береке берсин» деп, коңшу-колоңго ууз жеткирип беришет.

Жергиликтүү элдин тили менен айтканда тоолордогу жапайы эчкилерди «кызыл кийиктер» деп аташат. Негизинен аларда аркар, кулжа, илбирс, күрөң аюу, карышкыр, түлкү, суур, бүркүт аңгыр улар жана башка жаныбарлар көп.

Улар адам баласына сейрек көрүнөт. Бирок бийиктен үнү угулуп турат. Тоодон түзгө — сууга учуп түшөт. Суусунун кандыргандан кийин кайра тоого чыга албайт. Жер менен жөрмөлөп катуу чуркаган боюнча чыгып кетет.

Огандык кыргыздар боз үйдө жашашат. Кыштоолордо гана айрымдарынын жер кепелери бар. Ал жер кепелерди сайдагы чымды кесип келишип, кургатышып андан кийин курушат. Чым менен салынган кепелер кышындасы жылуу болот.



Жалчылардын алачыгы.

---

Күн ысыкта Вахандык тажиктер жана башка провинциялардын адамдары келишип, Памирликтерге мандикерге иштеп кетишет. Алар көпчүлүк учурларда чым чаап беришет. Бир койго мандикерлер 1000 даана чаап берише тургандарын жергиликтүү



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ № ...02

калктын айрымдарынын сөзүнөн билдик. Памирде отун, куурай деген болбогондуктан, алар чымдын жакшы кургаганын кышындасы отун катары да пайдаланышат. Ошондуктан колунда барлары жазындасы келген мандикерлерге чымды көп чаптырып алышат.

Кичи Памирдин эң бийик жери деңиз деңгээлинен 6272 метр бийик. Бул ашуунун аты Саркарсар. Ал эми түз жерлери болсо 4100—4200 метр.

Абасы суюк, түтөк болот. Нымдуулук жок болгондуктан адамдарды да, тоо таштарды да карартып жиберген. Ооганстандык туугандарыбыз өздөрү үйрөнүп калышыптыр. Бийик асказоолоруна ууга чыккандары деле эч нерсени сезбегендей жүрүшөт. Бирок, бийиктиктин белгилүү деңгээлде адам баласына зыяны бар экендиги медицинада белгилүү.

Кышындасы боордоштор отун катары малдын тезектерин, терскенди, жогоруда айтып өткөнүбүздөй жакшы куруган чымды пайдаланышат. Албетте, буларды кышка чейин алдын-ала камдап алышат.

Эгерде кар оор түшсө жут башталат. Себеби күн мурунтан малга тоют камдоо дегенди билишпейт. Бирок, кар узакка турбайт. Шамал учуруп кетет. Учкан кар күрткүлөрдү пайда кылат. Мындай катуу шамал дайыма болуп турат. Аны чек арачылардын тили менен айтканда «афган шамалы». Ошентип, «афган шамалынын» жардамы менен мал кышында кол карабайт. Шамал учуруп кеткен жерде оттоп жүрө берет.

Топоздун жүнүн түлөгөн кезинде кол менен жулуп алышат. Аны кышкы кийимдерге пайдаланышат. Ошондуктан, кышкы суукта Ооганстандыктар үшүбөйт. Топоздун кылын кыркып алышат. Аны көп нерселерге колдонушат.

Ооганстандык кыргыздардагы эң таңкыс буюмдардын катарына — темир буюмдары кирет. Мисалы: бычак, балта, теше, кетмен, кайчы, орок жана башкалар. Буларды көбүнчө провинциянын борбору — Файзабадга барып малга алмаштырып келишет.

Файзабадга Пянж дарыясынын жээгин бойлоп Бадахшан ороонү менен Вахандык тажиктерге өтүп, андан кийин Ишкашим аркылуу барышат. Алардын соодасы натуралдык соода менен чектелет.

Соода-сатык иштерин жүргүзүү үчүн 'кербенге' чыкканда топ-топ болуп барышат. Баратканда эркектери топозчон, төөчөн, аялдары жөө барат. Сатыла турган топоздорду чиркештирип байлап коюшат. Бул ыкма малдын качып кетпөөсү үчүн жана

айдоочуну убара кылбоосу үчүн жакшы. Кербенге жөнөгөндө негизги унаа төө.

Оогандыктарда төө азыр аз эле. Ошондуктан, алыскы жолго чыкканда бири-биринен сурап алышат. Кербенден кайтканда төөнүн акысы төлөнөт. Бул алардын жеке мамилесине, тууганчылыгына байланыштуу болот. Мындай мамиле илгери биздин ата-бабаларыбызда да колдонулган. Менимче, азыр ижара дегенибиз дал ушунун өзү болуш керек. Муну биздин ата-бабаларыбыз тең шерик деп аташкан.

Кыздарга наристе кезинде эле сөйкө тагып коюшат. Албетте аны куда болууну каалаган тарап тагып кетет. Кыздуу болгон ата-эне аябай кубанычта болот. Себеби, кыз келечекте ата-энеге байлык алып келет. (Сөз калың жөнүндө болуп жатат).

Кыз төрөлүп 3—4 жашка толгондо саамай чачын коюшат да, 5—6 жашка чыкканда «Саамай өрдү» тоюн өткөрүшөт. Бул той сөзсүз өткөрүлөт. Тойго бир күн калганда камылга көрүлүп, сыйлуу тамактар даярдалат. Той болоор күнү эрте менен кой союлат. Эт бышырылат. Койдун өпкөсү куюулат. Быжы даярдалат. Тойго өңчөй гана аялдар чакырылат. Меймандар белек алып келишет. Эт тартылып, сыйлуу тамактар желип бүткөн соң, дасторконго бата кылышат.

Андан кийин саамайы өрүлө турган кызды аялдар ортого алышып, чачын тарап, өрүшөт. Өрүп бүткөндөн кийин келген аялдар өздөрүнүн алып келген белектерин беришет. Белектерге билерик, шуру, сөйкө, мончок жана кызга кийимдик материалдарды кыскача айтканда кыз балага тийиштүү нерселерди алып келишет.

Кыздардын «Саамай өрдү» тоюу биздин кыргыздарда деле болуп келген. Бирок,. 1960-жылдардан кийин ага маани берилбеген улуттук салтыбыздан чыгып калды.

Оогандык кыздар 11—13 жаштан турмушка берилет. Баш кошкон адамды кыз жакшы көрөбү, көрбөйбү ал эске алынбайт. Бул маселени ата-эне чечет. Кыздар үчүн ата-эненин айткандары мыйзам.

Колунда малы көп, бай адамдардын уулдары 14—15 жашка чыкканда эле үйлөнүшөт. Ал эми колунда эч нерсеси жок кембагалдар жашы 40ка чыкса деле үйлөнө алышпайт. Алар көбүнчө жубандарга үйлөнүшөт.

Жубандарга кызга караганда калың аз төлөнөт. Же болбосо жубандарга күч күйөө болуп кирип алышат. Оогандык кыргыздарда эркектин күч күйөө болуп кирип калышы уят иш ка-

тары бааланат. Бирок, кембагалдар эмне кылсын Бул дүйнөгө жаралган соң анын ырахатын да көрүү керек го! Ошентип «уят» деген сезимди турмуштук зарылчылык жеңип кеткен.

Үйлөнүү тоюнда уул тараптан атасы (эгер атасы жок болсо, атасынын туугандары) кыздын атасына жуучу болуп барат. **Кыздын атасынын макулдугу болгондон кийин бата кылышат.** Андан кийин жуучулардын мүрүлөрүнө ун сээп, тон кийгизип, кой союп мейман кылат. Бул «чыныгы куда бололу, балдарыбыз жакшы жашасын» деген тилекти билгизгендери.

Жуучулук иши ийгиликтүү болгондон кийин уулдун атасы же тууганы кыздын атасына «ооз майлаар» алып келет. «Ооз майлаар» дегени кыздын ата-энесине, тууган-уруктарына сарпай кийгизет. Ошол күнү калыңды бычышат.

Калыңды макулдашып бүтүшкөн соң, уулдун атасы кыздын атасына «тойду качан өткөрөбүз» деп келет. Бул келишинде мурун макулдашылган калыңды толуктап алып келет. Тойду эки тараптын тең шартына карап бир күнгө болжошот.

Ошентип, той болжошкон күнү башталат. Уул тарап кыздын үйүнө тойго керектүү бардык нерсени алып келет. Кыз тарап эч нерсе сарп кылбайт. Чакырылган меймандар келгенден кийин кыздын атасынын эшигинде жаш бала бир койду кармап турат. Бул маалда кыздын апасы элди күттүрүп, боз үйдөн маалкатып бир топтон кийин чыгат. Анын сыртка чыгышы үчүн уул тарап чапан жабуусу керек. Чапан кийгизилгенден кийин кайын эне ыраазы болуп, койду кармап турган балага баш кийим (ар кандай боло берет) кийгизип, тон жабат, койдун жонуна ун себет. Тегеректеги жарданып карап турган меймандар «акжолтой болгула» деп бата беришет.

Тойго ошол койду баш кылып союш союшат. Кызматты жакын туугандар аткарышат. Элге эки тарап шыбага берет. Келгендер айыл-айыл, уруу-уруу болуп боз үйлөргө кирип даам ооз тийишет. Кайра сыртка чыгышып, каалагандары улак тартышат, каалагандары ашык ойношот. Кыскасы бул күнү жогоруда биз айтып кеткен оюндардын баары тең ойнолот. Кечинде кайра **баягы отурушкан боз үйлөрүнө келишип, бышкан этти жеп, эки жашка бата берип тарап кетишет.**

Үйлөнүү тоюнун кызыкчылыгы көбүнчө кыз-келиндер менен өтөт. Күйөө бала менен кыздын алдына 9 табак тартылат. Анда тогуз түрлүү тамак болот. Ал тогуз табакты кайын эжеси, балдызы жана башка ушул сыктуу жакындары алып келет. Бир сөз менен айта турган болсок, тогуз табак тең, кыздын жакын туугандары тарабынан даярдалат.

Келген табактан биринчи күйөө бала, экинчи кыз, үчүнчү жеңелер андан кийин аксакалдар ооз тийишет. Той болгон күнү түштөн кийин эки жаштын никеси кыйылат. Кечинде күйөө бала кыздын үйүнө «отко» киргизилет. Ошентип, күйөө бала кыздын туугандары менен мамиле жасай баштайт. (Мурун алардан тартынып, качып уялып жүргөн болот).

Күйөө бала ошону менен кыздын туугандарында үч күн туруп калат. Ага күн сайын тамактар берилет. Эки жашка жеңелери күнү-түнү кызмат кылышат. Үч күндөн кийин бир кой союшуп, жубайларды жигиттин үйүнө жеткирип келишет.

Оогандыктардын салттарынын ичинен эң кызыктуусу жана эң баалуусу ушул. Себеби жогоруда айтканымдай кыз аз. Ошондуктан, калыңы күчтүү. Мисалы, кызга үйлөнүү үчүн жигит 10 жамбы төлөөгө тийиш. Бир эле жамбынын составында 10 кой, 5 сый болот. Ал эми бир сыйдын составында 8—9 козу-улак болот. Мынчалык малды байкуш кембагал кайдан, кантип табат?

Ушундай проблемалардын негизинде Ооганстандык кыргыздардын колунда жоктору үй-бүлө күтө алышпай, бейкүнөө кор болуп жүрүшөт. Массанын көпчүлүк процентинин колунда малы жок болгондуктан кыздары турмушка чыкканда калың алууну баары самашат, баарынын тилеги ошол. Ким эл катары кийинип, ичинип, балдарын жер каратпай жашоону каалабасын! Жакшы жашоо үчүн, жок жерден кирешенин булагына жетишүү үчүн кыздарына калың алуу аларга табылгыс нерсе. Андан башка кирешени кайдан алышат? Ал эми кыздарынын өтө жаш турмушка чыгып жаткандары менен алардын иши жок. Салт ошол.

Туугандарыбызда балдардын өлүмү көп. Анын ичинен айрыкча кыздар алсыз төрөлөт жана адам болуп кетиши кыйыныраак. Себеби, климатка байланыштуу. Наристелердин арасында итий менен төрөлгөндөр көп учурайт. Балдарды желбешикке багышат. Эс тарта баштагандан эле «кудай» деген түшүнүккө баш ийишет.

Боордошторубуз өмүрү жер-жемиш жешпегендиктен, кислороддун аздыгынан тиштеринен бат ажырашат. Орто жаштан жогоркуларында тиш такыр эле жок. Айрымдарыныкы өсүрүм кезинде эле түшүп калат. Анткени, алардын бала кезинде эле тиш оорусу башталган. Дарылоо болбогондуктан, эс тарта баштаганда тиши түшүп калат да, тамактануусу кыйындайт. Буларды врач болбосо ким дарыламак эле? Араларында бирин-серин табыптардан башка эч ким жок. Жергиликтүү калктын айтуусуна

караганда мурун кыйын табыптар болгон экен. Алардын баары Рахманкул менен кошо кеткен тура.

Тиштеринин тез түшүп калышынын дагы бир себеби биз «авган шамалынан» эле көрдүк. Баса, шамалдан өздөрү да жадап бүтүшүптүр, анын катуулугунан сактануу үчүн элдин басымдуулугу көз айнек тагынып алган. Алар көз айнекти бизде көзү ооруп тагынууга мажбур болушкан адамдардай эле такай тагынышат.

Бул кыргыздардын мени аябай өкүндүргөн жери — элдик фольклорго маани беришпегендиктери. Айыл аксакалдарынан, жаштарынан сурап көргөнүмдө элдик дастандарды билишпей тургандыктарын айтышты. «Ооба, мурун элдик дастандарды айткан адамдар бар эле, эми алар жок» деп алардын арбагына колдорун жайып бата кылып жатышты.

— Элдик уламышты билген карыялар болсо балдарына, неберелерине үйрөтүшпөйбү? — деген суроо бердим Заир Тилебалды уулуна.

— Улгайган адамдардын көзү өтүп кеткен соң, жаштар билбей калышты. Ушуга мурун маани бербептирбиз, — деди ал акырын сүйлөп.

— Комузчулар барбы?

— Бар, бар.

— Кандай күүлөрдү билесиздер?

— «Тайчы», «Дарты өттү», «Бет ачуу» деген күүлөр бар.

— Манас, Эр Төштүк, Кожожаш, Кыз Сайкал, Курманбек деген уламыштарды уккансыздарбы?

— Биздин аталарыбыз угушкандыр, биз билбейт экенбиз...

Мен сүйлөшкөн Абдырасул Жорохан уулу шайым уруусунан, 20 жаштагы жигит. Эчки деген айылда жашайм дейт. Кутан уруусунан 27 жаштагы Жакып Шамшы уулу Тессери айылынан, ушул эле уруудан, Эчки айылында жашоочу 40 жаштардагы Заир Тилебалды уулу болушуп Кичи Памирдеги комузчулардын катарына киришет экен. Жогоруда айткан күүлөрүн черттирип көрдүм. Мааниси жаштыктагы ашыктык тууралуу.

Оогандыктардын бир айлында бар болгону 2—3 же 7—8 кожолук болот. Бир айыл менен экинчи айылдын аралыгы 5 чакырымдан 20 чакырымга чейин созулат. Жамандык-жакшылыкта бири-бирине кабар беришет.

Баса, аларда инсан каза болгондо биздегидей эле жай казышат. Бирок, казынасы жок болот. Анткен себеби жер шагылдуу болгондуктан, куюлуп түшө берет. Казып жатканда суюлуп кет-

нссе дагы кийин баары бир суюлуп кетип, сөөктү басып калат деп ойлошот. Бул эң туура ой экендигине мен ынандым. Ошентип, казыпасыз эле жай казып сөөктү коюшкандан кийин үстүнө жыгач, чым коюшат. Маркумдун урматына кой союлат. Эгер кой жок болсо анда топоз союшат. Топозго караганда койдун эти жогору бааланат. Бул шаан-шөкөт тойдо да ушундай. Негизинен кадырлуу адамга же аксакалга өлүм-житимде болсун же аш-тойлордо болсун алардын урматы үчүн кой союлат, жилик тартканда башы менен куйругу кошо берилет.

Памирде көдөө чөп гана өсөт. Жер шордуу болгондуктан, чөп каллориялуу. Ошондуктан, малдары семиз, эти даамдуу. Көдөө чөптүн узундугу бир карыштан ашпайт.



Топоз-Оогандыктар үчүн унаа жана азык-түлүк

Айтмакчы, Ооганстандык кыргыздардын арасында колунда барлары наша чегишет. Ооба, нашаны эркектери да, аялдары да тартышат. (Колунда барлары гана). Аны Вахандык тажиктерге барып, малга натуралдык түрдө алмашып келишет. Бул наша деген балээ жана наспай кыязы биздин тууганларга ошол коңшуларынан жуккан окшойт. Бир койго алмашып келген нашалары бир жумага жетпей түгөнөт экен. Эгер ушинте берише анда келечекте малдарынан такыр кол жууп калуу коркунучу бар экендигин аларга түшүндүрдүк.

Албетте, нашаны тартуу аябай жаман экендигин, ал өздөрүнө гана эмес, келечекте төрөлө турган балдарынын нормалдуу өсүшүнө да чоң зыян келтире тургандыгын далилдүү фактылар менен түшүндүрдүк. Бирок, биздин сөзүбүздүн канчалык деңгээлде кабыл алышкандарын келечек көрсөтөт эмеспи. Көпчүлүк адамдар нашага биротоло көнүп калгандыгын байкадык. Бул бизди аябай тынчсыздандырды.

## ЧОҢ ПАМИРЛИКТЕРДЕ

Чоң Памирде деле Памирдеги сыяктуудай көрүнүш. Мында Кичи Памирге караганда калк көбүрөөк. 102 кожолук же болбосо 513 адам жашайт. Негизинен жыгжым, кесек, теит, найман, кыдырша, кыпчак, шабулут, кызыл аяк, мамачар уруусундагы элдер. Эң көбү кыдырша. Алар 21 үйлүү, жалпысынан 98 адам, жыгжым 41 үйлүү 80, кесек 13 үйлүү 61, кызыл аяк 12 үйлүү 54, найман 9 үйлүү 51, шабулут 11 үйлүү 25, кыпчак 2 үйлүү 6 адам.

Ошентип, Чоң Памирлик кыргыздарда Кичи Памирге караганда 53 адамга көп.

Чоң Памирдеги кыргыздар менен жолугушууда эл депутаттарынын Алай райондук Кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары М. Үтүров жана делегациянын мүчөсү К. Мукаевдер сөз сүйлөдү. Ага жооп катары Чоң Памирдин улусвалы Абдижалил чыгып калктын атынан алкыш билдирди.

Чоң Памирликтер М. Үтүровдун Кыргыз ССРинин Ош областындагы Ооганстанга чектеш Алай району тууралуу кеңири айтып бергендигин зор ынтаа менен угушту жана бир нече суроолорду беришти. Алардын суроолорунун басымдуулугу алайлыктардын турмуш-тиричилиги, каада-салттары боюнча болду.

Бул аймактын эң аксакалы Асан Курманбек уулу. Ооганстанда улгайган адамдардын саны өтө сейрек. Мындай карыяларды жана наристелерди ооганстандыктар өтө урматташат. Бул карыя менен аңгемелешкенде буларды айтып берди:

— Менин СССРдин Мургаб деген жеринде (Тажик ССРине караштуу районду айтып жатат). Турдукул, Кадыр деген туугандарым бар. Бирок, алардын бул жарыкчылыкта бар же жок экендигин билбеймин. Ошол туугандарымдын жүзүн бир көрсөм арманым жок эле...

Биз менен жолугушкандардын арасында Турганбү деген кемпир бар болчу. Аны да сөзгө тарттык.

— Менин силерге учурашууга келген себебим — силер жактагы Мургаб деген жерде туугандарым бар эле. Ошолор келди бекен деп келдим. Алардан 3 жашымда ажырап кеткемин. Өзүм 62 жашка чыктым. Балалуу болбодум... Бешенеме ушуну жазыптыр... Туугандарымды күн сайын эстейм, карыган сайын куса болуум күч алууда. Азыр жүрөк оорулуу болуп калдым. Туугандарымды көрөөр күнүм бар бекен?! Эгер аларды бир көрүп анан тиги дүйнөгө кетсем бул дүйнөдө арманым калбас эле, — дейт көз жашын агызып. Аттиң, кусалык кандай жаман! Кандай оор!

Биз кемпирге кайрат айттык. Азыр барган сайын мамлекеттер арасындагы катташуу жакшырып бараткандыгын түшүндүрдүк. Бечара кемпир биздин сөзүбүздү жалдырай тиктеп туруп укту. Анын ошондогу абалы энесин сагынган наристедей эле...

«Афганистан революциясын коргоо тобунун» жетекчиси Маматираим Абдижалил уулу менен көпкө чейин сүйлөшүп турдук. Алардын тобу 50 адамдан турат. Ар бирине бирден карабин, жүздөн ок, дүрбү берилген. Алардын негизги милдеттери душмандан, тартип бузуулардан элди сактоо. Буларга ай сайын афган өкмөтү тарабынан 3000 афгани төлөнөт.

Ооганстан республикасынын партиясынын жергиликтүү өкүлү Жума Молдоираимкул уулу да акылдуу жигит экен. Анын айтуусуна караганда Чоң Памирде партиянын 64 мүчөсү бар. Ай сайын алар 10 афганиден партиялык взноско төлөшөт. Эгер каалашса, колдорунда бар болсо дагы кошумча 5 афганиден төлөсө болот.

Чоң Памирде зергерчилик, кол өнөрчүлүк Кичи Памирге караганда дурус. Зергерчилик боюнча уста Кулам Расул Исабек деген адам. Биз барган учурда ал жок болуп калды. Көрсө, сөйкө, шакек, шуру жасаганга керектүү материалдарды алып коңшулаш Бадахшан провинциясынын Ишкашим деген жерине кетиптир. Өзүнүн жок болуп калгандыгына байланыштуу анын жасаган буюмдарын көрө албадык.

Бул аймактагы колунда бар, ири байлардын катарына Орозбек кирет. Анын ушу тапта 500 кою, 61 топозу бар. Ал эми Турдуакундун 700 кою, 50 топозу, Абдил Кудуздун 300 кою, 30 топозу бар.

Бирок, жалпысынан алганда Ооганстандын Чоң Памиринде да, Кичи Памиринде да элдин басымдуулугу тагыраак айтканда 80 процентке жакыны жакырлар. Алардын колунда эч нересеси болбогондуктан байларга көз каранды болуп калышкан. Жашоо

үчүн алардын айткандарын аткарышып, күн көрүшөт. Жакыр кедей-кембегалдар байлардын малдарын багышат.

Баса, биз баргандан мурдараак Чоң Памирде чоң той болуптур. Аны Кичи Памирдин белгилүү бай адамы Афанди өткөрүптүр. Көрсө ал уулун ушул Чоң Памирден үйлөптүр. Ошого эки Памирдин аттуу-баштуу адамдарын чакыртып, эки күн катары менен той бериптир. Улак тартыш болуп, чоң соорун коюлуптур. Улакты Чоң Памир, Кичи Памир болуп бөлүнүп чабышкан экен, натыйжада Чоң Памирликтер утуп кетиптир. Анын себебин сурасак Чоң Памирликтердин аттары Кичи Памирликтерге караганда чоңураак экен. Ошондуктан утушка ээ болушуптур.

— Кичи Памир менен Чоң Памирдин ортолугу атчан жүргөндө, канча күн? — деп сурадык карыялардын биринен.

— Эгер ашуу ачык болсо, 4 күндө араң жетип келишеттер. Ашуу жабык болсо, күтүп туруу га туура келеттер. Күн ысыкта гана катташаттар.

— Куда болгондор көпбү?

— Ооба, ооба, көп. Ошентип, сөөк жаңыртып турбасак алысташып кетпейбизби, деди карыя күлүңдөп.

— Соода-сатык иштери менен да мамилеңер барбы?

— Бири-бирибизге аштык (ун) беребиз, саанга топоз беребиз. Байланышыбыз жакшы.

— Буларды сатасыңарбы же?..

— Жок, карызга алыш-бериш кылабыз.

Оогандык кыргыздардын айрым сөздөрү биздин тилибизге караганда башкачараак. Өздөрүнүн диалектиси, говору бар. Мисалы, төмөнкү сөздөрдү эске алсак болот:

ал-ал дегенди — хош-аа,хош-аа
шашпа — алдырашпа,
тезирээк — балдырыраак,
жаз айын — баар,
жай айын — жаз деп аташат.
Аларда жай деген сөз жок.
Чакырып кел — кычырып кел,
топурак — топо,
ооба — аңаа,
аял — маждум,
эркек — эректе,
рахмат ташакур, ырахмат.
машина — мотор,
топоз — котоз,

жакшыбы — сазбы,
жакшысыңбы — тетикписиң, шакпысың
ооз — овзу,
атасынын апасын — чоң эне,

атасы менен бир туугандардын чоңун — зор аба, кичинесин — кичик аба деп айтышат.
Кайыш кемерди — кайыш кур,
мааси — масти,

тоону, зоону карачы дегенди — кырды карачы дешет.
Чокуга чыгабыз дегенди — сапка чыгабыз,
ашууну — дабан,
СССРди — союз

Окшоп кетет дегенди — кептенип кетет,
ыраңы суук — түсү муздак,
эркектердин көйнөгүн — жегде,
омурткам ооруду — сээрим ооруду,

жалынганда — кубатым, топурум, жөлөгүм, алдыңа кирейиним,
урушканда — овзуңа топо тол, кырылгыр дешет.
Эң сонун, макулмун дегенди — көп жакшы.

Жакшы — саз,
Жакшы бала — саз бала
нашаакор — баңги,
тажаттың, кыйнадың — дак кылдың,

боз үй — кыргыз үй,
кыз баланы эркелеткенде — серегим дейт,
баланы отургузган тойду — колун алалдоо тою,
адал — алал,

алдаба — амалдаба,
жамгыр — суу жаан,
кыйынсынба — тепеңдебе,
чарчадым — арыдым,

шалча — чадар,
табак — такчы,
элек — элчек,
аташкерек — лакчегер,
колгап — кол байпак,
мончок — назик,
сөйкө — сырга,
топчу — седеп,
кокуйоой — бойбойоой,

чыпалак — чыпчалак,
илбирс — жылбыз,
кучүң жетпейт мага — дасиң жетпейт маңа,
элечекти — калак дешет.
Уп — аштык,
алым куруду — ушум кетти,
тутумдаш — чадалаш,
майлоо — жоолар,
чөмүч — саптык,
жинди — сараң,
чөнтөк — чөнтөй, киса,
борбор — чор
тык — соло,
таалайсыз — бетаалай,
нысапсыз — бенасип
дөңсөө — дөмөр,
күч — дас,
беттешип — капташып,
шылдыңдаба — кычыланба .
шылдындоо — кычылоо,
кудайы өткөрөм — назири өткөрөм,
ирик кой — чаары кой,
шишек кой — токтудан кийинки жаштагысын ушинтип
аташат.
Бир аздан кийин — саалдан кийин,
койдун куйругу — буйрак,
манжа — беш панча,
таман — такөөр,
койчу сен — пө сен,
жүндөн токулган байпакты — жороп дешет.
Абийирдүү адамдар — инабаттүү адамдар,
билбейм — таң,
жалаң эле балдар — зыл эле балдар,
көмкөрөсүнөн жатты — үстөмөнүнөн жатты,
сөз — гап.

Туугандарыбыздын бизден айырмаланган айрым сөздөрүн гана сиздерге билдирип жатам. Канчалык деңгээлде жана дагы канча сөздөрдө айырма бар экендигин толук изилдөөгө убакыт жетишкен жок.

Бирок, кантсе да алар кыргыз тилин толук сактап калуу менен бирдикте фарсий (тажик, афган) тилин да жакшы билишет. Көрсө, соода-сатык иштерин жүргүзүүдө бул тилдерди билүүгө, үйрөнүүгө мажбур болушкан тура.

Сөз кезегинде айта кетейин, Оогандык кыргыздар өз эне тилин гана сактап калышпастан, улуттук каада-салттарын да толук сактап калышкан. Алардан байыркы кыргыз элинин накта каада-салттарынын дээрлик көпчүлүгүн жолуктурууга болот.

СССРдеги кыргыздар сенектик мезгилде «бул эски салт» деп ата-бабаларыбыздын колдонуп келаткан улуттук салтын чанып, көпчүлүк түрлөрүн унутта калтырбадыкпы.

Деги бул Оогандык туугандарыбыз бизден качан бөлүнүп калышат. Илгери бирге эле болушкандыгы баарыбызга эле маалым дечи. Тарыхтын барактарына көз чаптыра турган болсок, 1895-жылы 27-февралдагы орус жана англиялык келишимде ушундай болуптур. Ошондо Түштүк Памир кыргыздар менен тажик туугандар дагы экиге бөлүнүшүп, бир тарабы Россияга, экинчи тарабы Афган хандыгынын бийлигине баш ийиптир. Ошондогу бөлүштүрүүдө алардын тууган-уруктарына, жек-жаат-тарына маани берилбей байкуш эне-бала, байкуш эки бир тууган, байкуш эже-синди эки тарапта калып калыптыр. Жогоруда биз сөз кылып кеткен «СССРдин Мургаб деген жеринде бир боорлорум бар эле, аларды бир көрүп өлсөм арманым жок эле» деген карылардын ата-энелери да ошондо ооганстандык болуп калышыптыр. Ортодо чек ара турса кантип алар бири-бири менен катташышмак эле? Анын үстүнө мурунку мезгил, мурунку мезгил эмес беле!

Биз не жазыгыбыздан туугандарыбыздан бөлүнүп калдык экен? Эгер СССРдеги кыргыздар бизге жардам беришпесе анда айлабыз эмне болмок?



Чындыгында ооганстандык кыргыздардын уруулары СССРдин Тажик ССРине караштуу Мургаб районунда жашаган кыргыздардын уруулары менен бирдей. Ооганстандагы жогоруда биз айтып кеткен уруулардын бардыгы тең Мургаб районунун аймагындагы айыл-кыштактарда толук учурайт жана Кыргыз Республикасынын булуң-бурчтарында айрыкча Ош областынын Кадамжай, Лейлек, Баткен, Араван, Сузак, Өзгөн жана Алай районунун Чоң-Алай өрөөнүндө ошондой эле Кызыл-Кыя шаарында кездешет.

Ооганстандагы төңкөрүшкө чейин Памирде кыргыздар көп эле болгон. Мына, азыр эки Памирде биригип 204 үй-бүлө же болбосо 913 гана адам жашап жатат.

Апрель төңкөрүшү болгондон кийин Рахманкул хан мен жогоруда сөз кылып өткөндөй, июль айынын бир эле түнүндө 200-дөй түтүндү же болбосо бир жарым миңге жакын адамды Памирден Пакистанга Вахжирд деген ашуу аркылуу бүт малдары менен алып кеткен. Ашуудан өткөндөн кийин Пакистандын Гилгит жана Хунзеде деген жерлеринде туруп калышкан.

Американыктар Пакистанда 4 жыл кыйналып туруп калган биздин боордошторубузду алыскы Аляскага барып жашагыла деп айткан. Рахманкул хан Американыктардын сунушунан дароо эле баш тарта алган эмес. Себеби, башка мамлекеттерден жооп кечигип жаткан. Ошентип, акыры Туркиядан кыргыздарды кабыл алуу боюнча жооп келгенден кийин гана Американыктардын сунуштарынан хан баш тарткан. Чынында Аляскада жашоо оңой болмок эмес.

Ошентип, басма сөздөрдүн билдирүүлөрүнө таяна турган болсок, боордоштор ООНдун жардамы менен 1982-жылдын август айынын башында Туркиянын Ван шаарынан 35 чакырым алыстыкта жайгашкан Каракундуз деген жерге көчүрүлүп барышкан. Бул жерде 200гө жакын үй-бүлө жайгашып, ал эми калган 100гө жакын үй-бүлө Ван шаарынан 500 чакырымча алыс турган Малатья шаарына отурукташкан.

Кийин торт жыл арадан өткөндө аларды Алтын-Дере деген жерге которушкан. Бул жер мал кармаганга ыңгайлуулугу менен айырмаланган. Дегишкиси Туркиялыктар Оогандык кыргыздарга зор жардам беришкен.

Алтын-Дере дегени бизчесинен Алтын-Дара деген маани болуш керек. Анткени,Кыргыз республикасынын жеринен «Дара» деген жерлерди көп жолуктурууга болот. «Дара» деген жерлердин баары тең капчыгайлуу, калың дарактуу, суулуу экендигин

эске алганыбызда боордошторубузга Түркиялык туугандарыбыз жакшы жерди энчилеп беришкендей.

Мына, буюрса азыр Кыргыз жана Түркия республикаларынын ортосунда экономикалык, соода байланыштарын өркүндөтүү боюнча протоколдорго кол коюлуп, келечектеги жакшы иштерден үмүттөндүрүп жатат. Балким, бир боордошторубуз менен байланышыбыз эми мындан ары чыңдалаар. Ылайым эле ошондой болсун!

...Тагдыр деген кандай катаал, кандай ырайымсыз! Ооганстандагы кыргыздардын көпчүлүгүнүн жакындары азыр жандарында жок. Алардын жол азабынан тирүү калган туугандары тээ Түркияда! Аларды эстеп куса болушса, байкуш Оогандыктар турмуш-шарттарынын оордугуна дагы бир куса болушат. Ошентип, Оогандык кыргыздар туулуп-өскөн жерлеринде жашашкандары менен Түркиядагы кыргыздарга караганда алда канча артта калышкан жана аябай эле начар жашашат. Ооба, менимче бүткүл дүйнөдөгү кыргыздардын ичинен эң оор турмушта жашаган — ушул Оогандык кыргыздар болсо керек.

## ШАШЫЛЫШ ЧАРА КӨРҮЛСҮН

Эң акырында айтаарыбыз эмне, бардык—келдик, бүттүбү? Жок! Эгер Кыргыз Республикасындагы кыргыздар Оогандык кыргыздарга чын-дилибизден күйөө турган болсок, алардын келечегин ойлообуз зарыл! Албетте, бул макалада алардын оор ахыбалдарынын бардыгы камтылган жок. Мен айрым гана өзүм байкагандарды Сиздерге айтып жатам. Дагы мен байкабаган, мен көрбөгөн канча проблемалары бар экендигин билбейм..:

Аларда ар кандай илдеттер көбөйүп кеткен. Чек арачылардын аскер дарыгерлеринин айтууларына караганда Оогандык кыргыздардын 40 пайызга жакыны учук менен ооруп жатыштыр. Бизге алар бул фактыны өзүңүздү этияттагыла деген маанide айтышкан эле.

Мындан сырткары жүрөк оорулары, венерологиялык, ичий, эмчек шал, талма, кой (бизчесинен сокур ичеги) тиш, көз, баш жана башка ушул сыяктуу көптөгөн-көптөгөн илдеттер эң эле көп.

Аялдары айрыкча эмчек оорусунан жапа чегип, андан тазалана албай жарык дүйнө менен коштошуп жатыштыр. Билим алуу деген жок. Кабул менен эч кандай байланыш болбойт. Тоо арасында гана өздөрүнчө өлбөстүн күнүн көрүп жүрүшөт. Чым-

дан курулган үйдөн сырткары жакшыраак там да жок. Дүкөн, мектеп, оорукана деген алардын түшүнө да кирген эмес. Автоунаа эмес, ал жүрүүчү жол жок.

Жалпысынан эсептегенде туугандарыбыздын орточо жашы 52—54. Бир үй-бүлөдө бир-эки-үчтөн гана бала туура келет. Кош кабат аялдын өзүндө витамин жетишсиз болсо, андан кандай нормалдуу бала туулмак эле?! Эң эле жөнөкөй деп биз эсептеген сокур ичеги аларда кой оорусу деп аталат. Бул оору менен ооруган адам аларда сөзсүз өлөт. Табыптар жокко эсе.

Ошондуктан, эгер Ооганстандык кыргыздардын көбөйүшүн кааласак, аларга тез аранын ичинде көмөк көрсөтүүгө тийишпиз! Ал үчүн эмне кылуу керек? Биздин пикирибизче ыктыярдуулардын коомун түзсөк жакшы болоор эле. Итчилик, коенчулук, аарычылык боюнча деле коомдорду түзбөдүкпү?! Эми бир боордошторубуздун өмүрү үчүн, алардын тукумдарынын уланышы үчүн эмнеге ыктыярдуулардын коомун түзө албайбыз?! Эгер коом түзүлсө, ошол коомдун алдында эсеп-кысап ачылса меймандос, боорукер, жамандык-жакшылыкта илгертен бери бирибирине колун сунуп келаткан улуу элибиз колдон келишинче жардамын көрсөтөөр!

Ооба, ооганстандык кыргыздарга биз күйүшүбүз керек. Биз жан кейитпесек, биз күйбөсөк анан аларга ким жан кейитет, ким күйөт? Муну ар бир кыргыз кулуну түшүнүүгө тийиш!

Эгер оомат келип, ыктыярдуулардын коому уюшулуп кетсе элден чогулган каражаттын эсебинен туугандарды дарылоого, балдарына билим берүүгө жана керектүү курулуштарды куруп берүүгө болоор эле. Ошол коомдун уставын, программасын кыргыздын аттуу-баштуу аксакалдары, билермандары нйри отуруп, түз кеңешип түзүшсө оогандыктар үчүн бир чоң иш кылган болоор элек. Жана өзүбүздүн да дилибиз тазарып калар эле.

Боордошторубуз азык-түлүк үчүн башка провинцияларга күндөп-түндөп жол жүрүп барып, кымбат баада соода-сатык иштерин жүргүзүп жатышкандыгын айтып өттүм. Аларга керекжарак коомдорунун көчмө автолавкалары керектүү буюмдарды, товарларды алып барып натуралдык түрдө соода жүргүзүшсө эмнеге болбосун? Мисалы үчүн бир кап унга май, тери, жүн, эт, курут, мал алсак болот да. Муну коңшулаш райондор келишим түзүп алып жүргүзүшсө өтө ыңгайлуу. Эч кыйынчылыгы деле жок. Бирок, булардын баарын атайын уюштурулган коомдун кызматкерлери уюштурбаса ким кылмак эле? Бир сөз менен айтканда «Оогандык кыргыздарга камкордук» аттуу ыктыярдуулар-

дын коомун борборду түзүү зарылчылыгы пайда болгондугун эч ким танбоого тийиш. Албетте буга советтик, партиялык, комсомолдук органдардын жетекчилери терең маани беришет жана көмөктөшөт деген ишеничтемин.

...Мына, ооганстандан келгенибизге бир топ күн болуп калды. 1989-жылдын октябрь айынын акыркы күндөрү өтүп жатат. Сыртта жамгыр төгүүдө. Ооба,. бул кеч күздүн жамгыры. Бул жамгырдын тамчылары мага алыска бараткан уландын туулган айылы менен коштошуп жаткан көз жашына окшоп туюлат. Чын эле эмдиги күздүн келишине дагы канча бар?.. Аны көргөн, ага жеткен адамдар өзүн бактылуу сезүүлөрү тийиш. Деги тирүүчүлүккө эмне жетсин?! Бирок, ошол тирүүчүлүктү кантип барктоо керек? Дал ушул суроого жооп табуу жана ага ылайык жашоонун өзү өтө чоң маселе! Ооба, тирүүчүлүктө эптеп эле күнүмдүк турмушту кечире бербей, кандайдыр бир жакшы иш жасоо керек го!

Ооганстан жериндеги кыргыздар үчүн коом же борбор түзүп, ага каражат которуп, алардын келечеги тууралуу ойлосок, жалпы эле «мен кыргызмын» дегендердин абийири болот! Ооба, чындыгында бул иш тирүү басып жүргөн кыргыздардын парзы эмеспи!

Түн ортосу. Кайрадан терезенин түбүндөгү столума келдим. Ооганстанга барып келгенден бери уктай албай түйшөлөм. Кыргызстандык журналисттердин ичинен биринчи жолу аякка мен чыйыр салыпмын. Бул чоң жоопкерчилик. Дал ушул жоопкерчилик мени уктатпай келүүдө. «Ооганстандык кыргыздардын оор абалын, алардын өтүнүчтөрүн жердештериме кантип жеткире алам, кантип түшүндүрө алам?» Ушул ойлор менин тынчымды алат... Ушул ойлор мени кыйнайт...

Сыртта дале кеч күздүн тамчылары куюлуп жатат. Көз алдыма биз кайтаарда алардын узата ээрчий баскандары тартылат. Кичинекей баланын артыман жете келип: «Ава, мен качан окуйм, мени ала кеткилечи» дегени кулагыма угулат. Ооба, жолугушууда «балдарды мектепке окутугула, аларга билим бергиле, келечекте силердин камыңарды ойлогон эл адамдары тарбиялансын» деген сөздөрдү айтканбыз. Мен кесибиме байланыштуу керектүү нерселерди чөнтөк дептерчеме жазып олтургамын. Көрсө, бул өспүрүм мени мектепке жазып окута турган адам экен деген ойго кеткен тура! Мен анын суроосуна жооп бере албай такалам. Унчукпай турдум. Бирок, сөзсүз жооп берүүм керек. Анын чачынан сыладым.

— Жакында силерге мектеп курулат, ошондо окуйсуң..—деп жооп бердим. Кайра калп айтканыма кыжырланам! Бирок, ооганстандык балдар да сөзсүз билим алууга тийиш! Ооганстандык кыргыздарга да сөзсүз мектеп курулууга тийиш!

Ал баланын жолдошубу айтор биз сүйлөшүп турсак дагы бир бала чуркап келди жаныма.

— Ава, менин авам ооруп жатат, — деди ал ыйламсырап.

— Эмне кылуу керек? Биз кайтып жаткапбыз. Убакыт бүткөн. Биздин врачтар айыл аралап жүрүүгө укуктары жок.

— Аваң жакшы болуп кетет, бизден салам айткын, — дедим ага.

Бала кудуңдап сүйүнүп калды. Ишенип калды окшойт менин сөзүмө.

— Дагы келесиңерби? — деди ал.

— Ооба, ооба, дагы келебиз, — дедим.

Алар менен коштошуп жатып:

— Эмдиги келгенде силерге оюнчук мотор ала келем, — дедим.

Кол алыштык. Машинанын караанын көрүнбөй калгычаңды кол булгап жатышты алар...

Мен дагы кабинадан башымды чыгарып, кол булгап жаттым. Алардын караандары улам барган сайын кичирейип олтуруп, акыры көрүнбөй калды. Ичим туз куйгандай ачыша түштү...

...Сааттын жебесин карадым. Таңдын атышына бир саат калыптыр. Терезени ачып койдум. Муздак шамал кирди бетти аймалап. Макаланы даярдап бүттүм. Жазып жатып, баарын кино көргөндөй көз алдыман өткөрүп чыктым. Аттиң, Ооганстандык туугандарды — бир боорлорду такыр унута ала турган эмесмин!

1989-жыл, октябрь,

Ош—Ооганстан—Ош

# КАЙРАДАН ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАРДА

**1990-жыл. Ноябрь.** Мен адегенде окурмандардан кечирим суроого тийишмин. Анткени, оогандык кыргыздардын ал-ахвалы, турмуш-шарты советтик кыргыздарды — менин бир туугандарымды аябай кызыктырарын мурдагы жылы жазган очеркиме болгон талкуудан улам байкаган болчумун. Ошол себептүү Тажик ССРине караштуу Мургаб районунун өкүлдөрү менен өткөн жылдын май айынын акырында Ооганстанга экинчи ирет баргамын. Окурмандардын жаңы очерктин жазылышын аябай күтүп жаткандыктарын жүрөгүмдө сезип турсам да, материалды анамына деп жүрүп, даярдай албадым.

Себеби биз Ооганстандан кайткан учурда Ош жергесинде түшкө кирбеген окуя болуп жатыптыр. Менин жолдо түзгөн пландарымдын баары кумга куйган суудай жок болуп кетти. Ойлоп көрүңүзчү, үйүңдөн тынч чыгып кетсең, келсең эле акыр заман келгенсип, өзүңдүн үйүңө түнөмөк тургай жанына бара албай калсаң, кандай абалда болосуң?! Муну башынан өткөргөндөр гана сезиши ыктымал! Көчөдө танкалар, автоматчан аскерлер, милиция...

Ошентип, мен оогандык кыргыздар тууралуу эмес, өзүмдүн бир туугандарым жөнүндө, туулган жерим жөнүндө кам көрүүгө, алар тууралуу ойлонууга мажбур болуп калдым. Колумдан эч нерсе келбесе да бүткүл дитим ушуга бурулду! Бул биринчи себеби.

Экинчиси — Оогандык кыргыздар тууралуу жазганда мен сөзсүз аларга камкордук көрүү маселесин козгошум керек. Анткени, алардын ал-ахвалын мен өз көзүм менен көрүп келдим: Өтө эле оор. (Мурунку жазган очеркимде аздыр-көптүр баяндагам) Ош жергесинде алаамат болуп жатса оогандык кыргыздарга жардам берели деп кыйкырганымды, жанталашканымды ким укмак эле. Ошондуктан абалдын калыбына келишин, адамдардын акыл-эсинин жайланышын күтүп турдум...

Ошентип, урматтуу окурман, жакында Ош облусунун эмгекчилеринин атынан түзүлгөн топ менен оогандык кыргыздарга үчүнчү ирет барып келүүгө туура келди. Эмесе, сиздерге ошол туугандардын абалы тууралуу кайрадан кудуретимдин жетишинче баяндап берейин.

Баса, өткөн жылы «Советтик Кыргызстанга» жазган «Оогандык кыргыздарда» аттуу жол очеркиме ынтаа коюп, ага үн кошкон имандуу инсандардын баарына чын дилимден ыраазычылыгымды билдирем. Өлкөбүздө таза сезимдүү, ак жүрөк, боорукер атуулдардын саны улам көбөйө берсин! Оомийин.

Тажикстандын аймагы аркылуу бараттык. Дагы эле Ооган тоолору аппак болуп турат. Жайы-кышы чокусунан муз кетпеген аскалар сүрдүү көрүнөт. Мына, чек арага жеттик. Ак-Суу дарыясы — «келдиңерби, туугандар» дегенсип шылдырайт. Анын добушу эмнегедир менин кулагыма муңдуу күүнү эске салат. Жаныбыздагы эле тоонун бетинен кийиктер көрүндү. Аларга биз таңыркасак, алар бизге таңыркай карап турушту. Эмне демекбиз, чын-чынында ошол кайберендердин мекени эмеспи, буер.

Мен Ак-Сууга барып колу бетимди жууп, анан кочуштап туруп, бир нече жолу муздактыгына карабай жутуп жибердим. Кандай гана муздак !Кандай гана туптунук! Түбүн карайм. Мурда көргөнүмдөй эле балыктар жүрөт. Алардын көптүгүнөн суунун түбү араң гана көрүнөт. Чиркин, жаныбарлар дейм, ичимден. «Жашай бергиле жыргап!». Дарыянын келген жагын тиктейм. Эң башаты каерде экен? Балким, Пакистандан келээр? Кызык. Ушул суу канча адамды, канча жаныбарды багып жатат? Мына ушул аккан боюнча СССРдин Мургап районуна барат. Анан...

Дарыянын жээгинен жылма таштарды чогултуп алдым. Бала кезибизде ушинтчүбүз. Апабыз жасап берген баштыкка салып, бири-бирибизге көрсөтүп мактанчубуз. Китеп капка салып, мектепке алып барчубуз.

Оогангстандын дарыясынын жээгине олтуруп, өзүмдүн тээ алда качан өтүп кеткен, эми эч качан кайталанбай турган балалык кезим менен элес-булас гана кездешип калдым...

Машиналардын гүрүлдөгөн добушу угулуп калды. Суу куюп бүтүшкөн тура. Жээктен шашыла чуркап машинага олтурдум. Кайрадан жогору карай жөнөдүк. Суук күчөй баштады.

Бир канча убакыттан кийин Оогандын Чоң Памириндеги туугандар алдыбыздан тосуп чыгышты. Аларды көргөндө кубанычым койнума батпай толкундана баштадым. «Байкуш бир боорлор!». Тигине, мен тааныган адамдар жүрөт. Кабинадан эле көрүп тааныдым.

— Ассалому алейкум, боордоштор!

— Келгиле кагылайындар!

— Келгиле кубаттар!

— Келгиле туугандар! — деп биз машинеден түшкөндө эле саламдашып жетип келишти.

Кучакташып көрүштүк. Алардын жүдөгөн кебетелери адамдын зээнин кейитет. Тиштери жок болгондуктан сүйлөгөндөрүнө толук түшүнө албайсың. Кайра-кайра такып сурай берүү да олдоксондук болот экен.

Жаш балдар да салтты жакшы билишет. Колдорун боорлоруна алышып, кичи пейилдик менен учурашып чыгышты катар турган биз менен. Апан машинаны таңыркай карап калышты. Мен ала барган сүрөттүү календарымды жетишинче таркатып бердим балдарга. Анын сыртында Кыргызстандын кооз жерлеринин сүрөттөрү тартылган болуучу. Сүйүнүп, бир тууган агасындай көрүп калышты. «Мурда да келгенсиз, таанып жатабыз» дешти алар.

— Эми алып кетесиздерби?

— Өткөндө келбей койдуңуздар го?

— Биз сиздерди аябай күттүк.

— Сөзсүз ала кетиңиздерчи бизди...— деп чурулдай баштады балдар.

Мен эмне деп айтаарымды билбей туруп калдым. Туура, жогоруда айтып кеткенимдей, Мургаптык өкүлдөр менен май айынын акырында келгенибизде балдарды «августта келип алып кетебиз, алып барып окутабыз» деп убада берген болчубуз. Анткени, Кантта 1984-жылы Оогандык балдар үчүн ачылган атайын мектеп-интернат бар. Менин мурдагы жылы жазган «Оогандык кыргыздарда» аттуу очеркимден кийин ушул интернаттын директору Т. Акелеев Ооганстандан жыл сайын балдардын келип окуп жаткандыгын, бирок алар кыргыздар эмес, таjиктер, пуштулар экендигин, жумуриятыбыздагы интернатка өзүбүздүн боордошторубузду окутууга чама жетээрин так далилдер менен «Советтик Кыргызстан» гезитине жазып чыккан болучу.

Ошондой эле эл аксакалыбыз Калыйнур Үсөнбеков экөө республикалык жетекчилерге бир нече жолу киришкен. Оозеки түрүндө да, жазуу түрүндө да Оогандык кыргыз балдарды окутуу керек экендигин сунуш кылышкан. Жетекчилердин «ойлонойлу, кеңешели, карап көрөлү, акылдашалы, шашпайлы» деген жоопторунан кийин биз балким уруксат беришер деген үмүттө болгонбуз. Ушул ниетте эгер жетекчилер толук макул болушса, август айында ала кетип сентябрда — жаңы окуу жылына Кыргызстанга жеткирели деген максатта болгонбуз. Ал эми август айында биздин республикабызда кандай окуя болгондугун баарыбыз түшүнөбүз. Ушул себептүү белгиленген убакта ал жакка бара албай, кийин ноябрда барып жатпайбызбы.

Айтып кетерим, эми мына, президент шайладык. Эгер жетекчилерибиз колдоо көрсөтсө дагы эле кеч эмес. Эмдиги жылдын окуу жылына деле алып келип окутсак болот.

...Ошентип, балдар «ала кетиңиздер» деп, чурулдап калышты. Аларды арытан карап турган карыялардын бири келип...

— Ой, бок мурундар абаңар Советке азыр эле кайра кетип жаткан жокко! Чарчап келишти, көп чурулдабагыла. Кийин айтаарсыңар. Ары баргыла, — деп тыйып койду.

Ооганстанда карыялардын сөзү мыйзам. Балдар дароо колдорун боорлоруна алышып «кечиресиз» дегендей тарызде ары басып кетишти. Мен ичимден аларга боор ооруп жаттым, жана иштн чала кылганыбызды сезип турдум. «Эмне үчүн жетекчилердин так жообун ала келбедик?» Бирок, кантип буларга «Биздин жетекчилер азырынча уруксат берише элек» деп айта алабыз?! Булардын ишенген тоосу, колдой турган кожосу ушу биз болсок! (Ушуну биздин жетекчилер түшүнсө гана, аттаганат!)

# ЭЛИБИЗДИН БЕЛЕГИ

Жумурятыбыздын атынан Ош облусунун эмгекчилери Оогандык кыргыздарга быйыл дагы 40000 сомдук жардам көрсөткөн. Буга эң зарыл деп эсептелген ун, күрүч, ундан жасалган азыктар, туз, чай, кант, күпайка, пахтарымал шым, өтүк, гөлөч, тумак, аялдар үчүн ар түрдүү түстөгү кездемелер, чийбаркут сатылып алынган болучу.

Ушул белектерди чогулган элге тапшырдык. Буюм, тамакаштын 20000 сомдугу Чоң Памирге калган жарымы Кичи Памирге жеткирилди.

**Чоң Памирде** биздин белекти элдик ыктыярдуу кошундардын кол башчысы Маматибраим өткөрүп алды. Аны жергиликтүү калк «Сарбаз» деп аташат. Бул сөз — жоокер деген түшүнүктү билдирет.

Ошол жерде чокойчон, үстүнө тамтыгы жок тон кийген бирөөгө көзүм урунуп калды. Ал Чоң Памирдин байларынын бири Абдул Кудуздун жалчысы Абдимиталип болуучу. 42ге чыгыптыр. Өңү алтымышка барып калгандай көрүнөт.

— Балдарыңыз барбы, аке? — деп сурадым андан.

— Жок.

— Малыңызчы?

— Жок.

— Эмне иш аткарасыз?

— Абдил Кудуз байдын малын багам.

— Анын канча жалчысы бар?

— Менден башка дагы үчөө бар.

— Кандай кыйынчылыктар бар?

— Азыгыбыз жок, кыш оор болот...
— Туугандарыңыз барбы?
— Бар. Атам Сражидин Советтеги кыргыздардын арасында болуш керек. Ысак деген тагам мурунтан эле ошол жакта жашайт имиш. Чын-төгүнүн ким билет...
— Алар биз тарапка качан өтүшүптүр?
— Аны так билбейм. Ушердеги туугандар ошентип айтышты эле.

Андан кийин Абдил Кудуз бай менен баарлаштым. (Ал тууралуу өткөн жылы дагы жазгам).
— Ал-ахвалыңыз кандай, бай?
— Жаман эмес, өзүңөр тынчсыңарбы?
— Дурус эле. Жалпы Советтеги кыргыздар салам айтты сиздерге.
— Аман болушсун, аман болушсун.
— Балаңыз барбы?
— Бир гана кызым бар, уулум жок, — деди бай жер тиктеп.
Мен анын ушул кыймылынан уулунун жоктугуна аябай капа болгонун сездим.
— Кайсы айылда кыштап жатасыз?
— Эргоноттобуз.
— Элдин турмушу кантип жатат?
— Ар ким өзүнүн насибин көрүп жатат, балам...
— Ден-соолугуңуз кандай?
— Барган сайын ал-күчтөн тайып баратам... Кудаанын амири билет эмне кылаарын...
— Кыш кандай болду?
— Өтө оор болду. Өткөн жылы силер алып келген азык түгөнгөндөн кийин аябай азап тарттык. Жут болду. Көп адамдан ажырадык... Мен дагы...
— Нашаа тартпаңыз, ден соолукка зыян болот.
— ...Кудайдын айтканы болор...
— Канча малыңыз калды?
— Азайып кетти. 300гө жетпеген кой, 30га жетпеген топоз калды...

Маматибраим Абдижалил уулунун айтуусуна караганда азыр оогандык кыргыздардын арасында нашаа чегүүлөр менен күрөш жүргүзүүнү башташыптыр.

— Биздин жерде колунда малы барлардын баары нашаа тартчу эле. Кийинки айларда аларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлө баштады. 50гө жакын киши нашааны таштады. Алардын катары улам барган сайын көбөйө бермекчи деген ойдомун. Был-

тыр сиздер келип түшүндүрүп кеткениңиздерден кийин бул ишке астейдил кириштик.

— Албетте, минтпесеңер болбойт. Нашаа тарта берсеңер малыңардан бүт ажырайсыңар, же ал өзүңөрдө өспөсө...

— Туура, туура. Сиздердин сөзүңүздөрдү биз туура кабыл алдык.

— Канча Сарбаз бар?

— 50 адам.

— Куралыңар барбы?

— Бар. Меники үйдө калды. Жанымда ушул эле, — деп, ал чөнтөгүнөн тапанчасын алып чыгып көрсөттү.

— Негизги милдетиңер эмне?

— Эл арасын душмандардан, бузукулардан коргоо.

— Эгер айыл арасында адамдар бири-бири менен урушуп кетсе эмне болот? Кандай чара көрөсүңөр?

— Андай бизде болбойт. Болсо да өтө сейрек. Аларды айыл аксакалдары тескеп коет. Негизинен биздин элде бири-бири менен араздашуу чыкса, ошолордун уруусунан эл башчылары келишет. Ортодогу маселени ийри отуруп, түз кеңешип, кимден күнөө кеткендигин чечишет. Ар ким күнөөсүнө карата жаза алышат. Бизде эл ортосуна түшүү өтө жаман нерсе. Ал элден чыгып кетет. Ошондуктан, эч ким элдин талкуусуна калгысы келбейт. Кимде-ким элдин талкуусуна түшө турган болсо, ал кийин эл менен мамиле жасай албай калат. Эл дагы андан качып калат. Ошондуктан, биз дагы айыл аксакалдарынан чыгып, өзүбүзчө эч нерсе чече албайбыз.

— Эгерде өтө оор кылмыш кылсачы?

— Анда аксакалдардын кеңеши боюнча аны аймактын борборуна алып барабыз.

— Каяка?

— Бадахшан провинциясынын борбору Файзабадга.

— Файзабаддын эли силерден жакшы жашаарын билесиңерби?

— Албетте, билебиз. Эмнегедир алар бизден жакшы жашашат. Соода-сатык иштерин бүт ошолор менен жасайбыз.

— Ооба, «сарбаз» башчысы туура айтат. Биздин боордоштор азык-түлүктү ошолордон алып турушат. Файзабад тараптан келген кербенчилер туугандарыбыздын малын жакынкы жылдарда бүтүндөй сатып алып кетишчүдөй. Себеби, алар бир эле тоого артып келген эки куржун нашаасына боордошторубуздун көпчүлүк малын айырбаштап айдап кетишет. Албетте Файзабаддык тажиктер бир гана нашаа алып келбестен, булар-

га керектүү ар кандай азык-түлүктөрдү, буюм-заттарды да алып келишет.

Өткөн жылы биз Чоң Памирге барганыбызда 102 кожолук же болбосо, 513 адам жашап жаткан болсо, кыштын оордугунан жана учуктан ошондой эле башка оорулардын азабынан 420га жакын адам калыптыр. Демек, 100гө жакын адам кырылып кеткен! Эми биз тез жардам бербесек, жакынкы жылдарда алардын саны ар кандай илдеттен, ачкачылыктан улам азая берип, тукум курут болушу мүмкүн...

## ЧОҢ ПАМИРЛИКТЕРДЕГИ АБАЛ

Мен жогоруда Чоң Памирдеги ал-ахвалды өздөрүнүн сөздөрү менен бердим. Эми Кичи Памирликтер тууралуу айтайын. Биз барганда алар шаан-шөкөт менен тосуп алышты. Бирок, ага карабай биздин зээнибиз баары бир кейип турду. Көпчүлүгү Чоң Памирликтердей эле чокойчон, кийгендери болсо жамаачылаган тондор...

Бизди Ооганстандын жергиликтүү өкүлү Абдирашит баш болгон аксакалдар тосуп алды.

— Биздин ишенгенибиз эле силерсиңер. Муну мурда дагы айткапбыз, дагы да айтабыз. Мына, балдарыбызды окутабыз деп жатасыңар. Буга чоң рахмат. Биз сиздерге ишенебиз. Мейли, алып барып окуткула. Келечекте силердей адам болсо, биздин ыраазычылыгыбыз чоң болот. Мына, силер жакшы экенсиздер, каяктагы тоонун арасында жашаган бизди унутпай келип жатасыздар. Эгер биздин балдар сиздердин араңыздарда окуса, келечекте сиздердей алдуу-күчтүү болушу мүмкүн. Менин көзүм учурдагы саясатка анча-мынча жетип атат. Бирок, даана коро албай жатам. Ошондуктан, сиздерди толук угамын жана ишенемин. Чынында эле бизге сиздерден башка ким күйүп жатат? Кабул болсо алыста экен. Эч кандай жардамы жок. Биз дагы ал жакка бара албайбыз. Жол алыс. Кабулга эмес, мына, Файзабадга алыс экендигине карабай айласыздан барабыз. Ооба, азык-түлүктү ошол жактан айырбаштап келебиз. Антпесек болбойт. Эмне, малдын туягын карап эле ачтан өлмөк белек. Туура, малдуу адам өлбөйт. Бирок, эттен башка да адамзатына көп нерсе керек экен. Кыздарыбыз, келиндерибиз бар. Алардын үстүнө кийим керек. Муну түшүнүп, кездеме алып келгениңиздерге аябай чоң ыраазыбыз. Биз сиздерге жыл өткөн сайын карыз болуп баратабыз. Өткөн жылы алып келген азык-түлүктөрүңүздөр бизге чоң кубат берди. Кыш оор болду эле. Бизден жоготуу чоң болду. Кыштын оордугунан адамдарыбыздан, мал

дарыбыздан айрылып калдык. Бирок, эмне айла кылмак элек? Дагы бир жолу сиздерге чоң рахмат. Мына ушул алып келгениңиздер бизге жазга жетпесе да чоң жардам болот. Муну мен байга дагы, кедейге дагы тепе-тең бөлүп беремин. Себеби, өткөн жылы сиздер катуу дайындагансыздар.Сиздердин: «Биздин алып келгенибиз баарыңарга бирдей бөлүнүшү керек, ошого сиз көз салыңыз» деген сөздөрүңүздөрдүн маанисин мен терең түшүнгөнмүн. Баарын тепе-тең бөлгөмүн. Ишенбесеңиздер, мына кедей-кембагалдар турат. Сурап көрүңүздөр, — деди ал даам сызгандан кийинки салтанат учурунда.

— Албетте, биз сизге ишенебиз,—дедик Абдирашитке.

— Кичи Памирде абал Чоң Памирдегидей эле оор экен. Оору-сыркоо көп. Абдирашит менен Маадосмон аксакал ушул жылдын башында СССРдин Мургаб районунда чек арачылардын жардамы менен дарыланып кайтышыптыр. Андан мурдагы жылдары Абдирашиттин баласы кой оору (сокур ичеги) менен ооруп, тез аранын ичинде Мургабка жеткирилип аман калган болуучу. Бул мисалдар алардын арасында советтик кыргыздар тууралуу жакшы пикир калтыргандыгын айта кеткенибиз абзел. Болбосо аларга кимдир бирөөлөр бизди аябай жамандап жаткандыгы анык!

Биз барганда Борошо деген киши келип, «аялым катуу ооруп жатат. Бир жардам көрсөтпөсөңүздөр болбойт. Менин өмүрлүк жубайым эле» деп кайрылды. Албетте, анын бизге ишенип келишине жогорудагы айтылгандар себепчи болгон. Аялынын аты Бусайра экен.

Андан кийин Нүрдүн деген киши келди. Ал дагы аялынын катуу ооруп жаткандыгын билдирди. Биз менен барган кыргыз дарыгерлер айрымдарынын ооруларына дабаа боло алышты. Ар кандай дары-дармектердин түрлөрүн түшүндүрүп таратып беришти.

Кичи Памирде 18уруу жашайт. Алар шайым, алапа, нооруз, кочкор, бука, кыпчак, кызылбаш,кыдырша, кара теит,алапа, кушчи, сеитмат, кесек, темиреӊ, дүрбөөл, кызыл аяк, ошуляу жана бадахшан тажиги. Эң көбү шайым. Алар 29 үйлүү. Эң азы кызыл аяк — жалгыз үйлүү. Файзабад тараптан келип туруп калган Бадахшан тажиктери да 2 үйлүү.

18 уруунун ичинен эмгекке жарамдуусу 43 гана адам. Жалпысынан бүгүнкү күндө Кичи Памирде 436 адам жашап жатат. Бул өткөн жылдагыга караганда 24 адамга аз.

1989-жылы 15 наристе төрөлгөн болсо, анын бешөө гана тирүү. Калган ону ар кандай илдеттен чарчап калыптыр.

Мен Акинай Кыдырмыш уулу менен сүйлөшүп олтурдум. Алар 3 бир тууган экен. Акинай эң кенжеси, Кичикбай, Обол-бек деген агалары атасы Кыдырмыш менен Рахманкулга кошулуп Пакистанга өтүп кетишкендигин айтты. Балким, алар азыр Туркиядадыр... Акинай өзү Рахманкул хан элди көчүргөндө Ишкашимде болгон экен. Болбосо ал дагы атасы менен кошо кетмек да...

— Ишкашимден качан келдиңиз?

**— Он жылча болуп калды, — деди ал.**

— Жашоого Ишкашим ыңгайлуубу же Памирби?

— Ишкашимде дыйканчылык кылууга болот? Бирок, мен үчүн Памирге эч нерсе тең келбейт, балам. Киндик каным ушул жерге тамган...

Камаридин уулу Абдисалам 36га чыгыптыр. Дүрбөөл уруусунан. Чоң Памирге келгенине 4 жыл болуптур. Булар дагы үч бир тууган. Өзүнүн жалгыз кызы бар.

— Сиздердин жардамыңыздар менен өткөн кыштан аман калдык, — дейт ал бизге ыраазылыгын билдирип.

Молдотурдумамбет уулу Жалилидин шайым уруусунан. Атасынын теги СССРдин Мургаб районунун Шаймак деген кыштагынан болот. Ооганстанга өтүп кетип ошол боюнча Кичи Памирде туруп калышыптыр.

— Канчага чыктыңыз Жалилидин аке?

— 56га чыктым го.

— Рахманкул хан менен Пакистанга баргансызбы?

— Ооба, ооба. Пакистанга эл менен кошо баргамын. Ал жак ысык экен. Анын үстүнө Пакистандын жетекчилери дагы «силердин оору-сыркооңор болсо элибизге жугат» деп бир жерде кармап туруп алды. Балдарга, карыл-картаңдарга, аялдарга өтө кыйын болду. Көрбөгөн азапты көрдүк. Анан Абдирашиттин сунушу менен Рахманкул ханга билдирбей кайра Памирге качып баса бердик.

— Канча балаңыз бар?

— Аялым бар, балалуу болбодук.

Мурзамат уулу Кесекбай шайым уруусунан. Анын теги да Жалилидин аке сыктуу Шаймактан болот. Ооганстанга өтүшкөндөрүнө алтымыш жыл болуп калыптыр. Сыламкожо деген бир тууган акеси бар экен. Өзүнүн аялы да, баласы да жок.

Ал эми Сүйүнбай уулу Карим мурда Ваханда жашап жүргөн экен.

— Карим аке, Ваханда кыргыздар көпбү? — деген суроо бердим.

— Ваханда кыргыздар бар Бирок, аз. Мен Рахманкул хан элди Пакистанга алып өткөндө Ваханда болчумун, кийин Кичи Памирге келдим. Адам улгайган сайын туулган жерин эңсеп калат экен.

Рахманкул хан менен кошо Күлжигит уулу Мажит да кошо кеткен экен. Анын ден соолугу жакшы болбогондуктан, Пакистанга барганда ысыкка туруштук бере албай каза болуптур.

Мажиттен Жумахан деген бир уул жана 2 кыз калыптыр. Кичи Памирликтердин болжолуна караганда Жумахан азыр СССРдеги кыргыздар тарапта имиш. Эгер ушул сөз чын болсо анда Жумахан ушул очеркти окуган соң балким мага келип жолугаар деген ниеттемин. Туугандары «Эгер Жумаханды көрүп калсаңыз бизден чоң салам айтып коюңуз» дешти.

Жумахандан мурун Абдираим уулу Мамарасул дагы СССРге өтүп кеткен экен. Анын СССРге кеткенине 30 жылдан ашып калыптыр. Абылкасым деген тууганы бизден сурады. Биз тааныбай тургандыгыбызды билдирдик.

Баса, Кичи Памирдин эң ири байы — Афанди экөөбүздүн ымалабыз келишип узакка чейин сүйлөшүп олтурдук. Атасы Ажы Талбай 80 жашка жакындап каза болуптур. Апасынын аты Турдубүбү экен, өзү 35ке чыккан. Көп нерселер тууралуу сурады. Советтик кыргыздардын турмушу аны кызыктырат экен. Эстелик үчүн экөөбүз сүрөткө түштүк. Эми бара турган болсом сүрөтүн ала барам.

## «ҮМҮТҮБҮЗ СИЗДЕРДЕ»

Биз менен сүйлөшкөн оогандык туугандардын жаш-карысы дебей «үмүтүбүз сиздерде» деп айтышат. Туура, биз жардам бербесек, алар ачкачылыктан жана ар кандай илдеттен кырылып кетиши ыктымал. Муну мурун да айткамын. Эми да айтамын. Ошондуктан биз советтик кыргыздар аларга токтоосуз жардам берүүгө шашылуубуз керек. Кандай жардам бере алабыз? Биринчиден, «Оогандык кыргыздарга камкордук» деген ыктыярдуулардын коомун же борборун түзүү зарыл. Ал коом же борбор бир гана ооганстандык кыргыздар боюнча иш алып баруусу керек. Туура ,биздин жумуриятта көп талаш-тартыштардан кийин «Кыргыз эл» аттуу коом түзүлдү. Бирок, ал коомдун милдети бүткүл дүйнө жүзүндөгү кыргыздар боюнча иш алып

баруу. Ал эми ооганстандык кыргыздарды сактап калуу үчүн ачык-айкын ишти аткара турган өзүнчө ыктыярдуу коому же борбору керек.

Өткөн жылы «Оогандык кыргыздарга» — деген очерк жарыялангандан кийин окурмандарыбыздын бир бөлүгү ушундай коомдун түзүлүшүн туура көрүшкөн жана басма сөз беттеринде сунуштарын айтышкан. Бирок, партиянын Ош обкому колдоого алганы менен республиканын жетекчилери көңүл коштук кылып коюшкан. Андан биз эч нерсе уттурбайт болчубуз. Оroюраак айтканда итчилик, коёнчулук, мергенчилик, аарычылык, балчылык жана башка ушул сыяктуу майда коомго караганда бул коом түзүлсө чоң иш аткарар эле!

Эмесе, биз сунуш кылган коомдун болжолдуу программасы менен кыскача тааныштыра кетели. Балким, республиканын жетекчилери колдоого алышаар.

1. Коомдун эсеп-кысабына түшкөн каражаттын жана элдердин, эмгек жамааттарынын салымдарынын эсебинен эң зарыл болгон азык-түлүктөрдү, кийим-кечелерди шартка жараша жеткирип берүү. (Ансыз деле облатком жыл сайын 40 000 сомдон берүүдө).

2. Ата-энелеринин макулдугу боюнча балдарды алып келип, Кыргызстандын Канттагы ооганстандык балдар үчүн ачылган мектеп-интернатына жайгаштыруу. (Базасы мурдатан калыптанып калган).

3. Алар менен райондук керек-жарак союздарынын көчмө соодасын уюштурууга жетишүү. Райондук даярдоо контораларынан керектүү азык-түлүктөрдү алып барып алардан тери, эт, жүн, курут, май, мал, аң терилерине натуралдык түрдө айырбаштап алса болот. (Ошондо туугандарыбыз коңшулаш провинцияларга убара болушпайт. Аларга кетип жаткан малдары бизге өтөт).

4. Жугуштуу жана катуу ооруган адамдарды Тажик ССРинин Мургаб райондук жана Кыргызстандын Чоң Алай зонасындагы оорукаиаларына алып келип дарылатуу (бул ишке чек арачылар көмөк көрсөтөт).

5. Ооганстандык кыргыздардын үрп-адатын, салтын, тилин, элдик оозеки чыгармачылыгын изилдөө.

6. Окуганга же дарыланганга алып келинген оогандык кыргыздардын эки мамлекеттин ортосунда барып келишин камсыз

кылуу. (Эч канчалык деле каражат кетпейт. Тажик ССРинин Мургаб району аркылуу гана байланыш болот).

Мына, урматтуу окурман. Биз уюштуралы деген ыктыярдуу коомдун максаты ушул гана. Албетте, өткөн жылы Ош облусунун кээ бир жетекчилери айткандай «акча бөлүп берип жатабыз, барып келип турабыз» деген ой менен аларды сактап кала албайбыз. Максат жыл сайын бир жолу барып көрүнүп коюш эмес! Максат — алардын келечегин ойлоо! Эгер алардын балдарын алып келип окута турган болсок, дагы 10—15 жылдан кийин аларда сөзсүз өзгөрүү болот. Бизден тарбияланып кеткен балдар Памирге барышып, чоң иштерди жүргүзүшөт. Балким, Кабулдан, провинциянын жетекчилеринен өз үлүштөрүн талап кылып, Памирдин өсүп-өнүгүшүнө киришишээр. Дал ошол биздин республикада окуган балдар барышып, мектеп, оорукана жана башка керектүү нерселерди курушаар. А, мүмкүн Ооганстан мамлекетинин жетекчи составына аралашып калышаар. Кеп, мына ушунда турат. Дал ушул максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн дагы бир жолу айтайын, сөзсүз конкреттүү иш аткара турган өзүнчө коом же борбор керек!

«Ыйлагандын көзү жаман, сүйлөгөндүн тили жамаң» болбоюн. Ошентсе да, ооганстандык туугандарды сактап калуу үчүн жумуриятыбыздын жетекчилери биздин сунушту колдошоор деген ишеничтебиз.

1990-жыл, ноябрь. Ош—Ооганстан—Ош.

# БУЛАР ООГАНСТАНДА ТУУЛУШКАН...

Бул материалды даярдоонун алдында мен көп түйшөлдүм. Бул жарыкчылык дүйнөдө ар кандай окуялардын, иштердин боло берээрине да ишендим. 1990-жылы ноябрда Оогандык кыргыздарга жолуккан кезде Чоң Памирдеги Абдил Кудуз деген бандын жалчысы Абдимиталип:

— Атам Сражидин, тагам Ысак Кыргызстандын Ош деген жеринде имиш. Сиздер тааныйсыздарбы? — деп сураган болучу.

— Жок, таанибайбыз. Эгер Ошто болсо сураштырып көрөлү, — деп жооп берген элек.

Ичимден «Кантип эле Ошто болсун, билбей эле айтып жатса керек» деген ойго кеткем.

Абдимиталипке ала барган буюмдарыбыздын ичинен бир купайке менен бир тумакты өз колум менен кийгизгем. Териине батпай кубанган болучу.

Кыргызстанга келгенден кийин «Кайрадан Оогандык кыргыздарда» деген очеркимди жаздым. Ал Советтик Кыргызстан» гезитине 1991-жылдын январында жарыяланды. Кийин ушул гезиттин 1991-жылдагы 1-мартка чыккан санына жумуриятыбыздын эмгекчилеринин менин очеркиме болгон үн кошуулары чыгыптыр.

Бул үн кошууларды окуп олтуруп, Тажик ССРинин Тоолуу Бадахшан автономиялуу областынын жашоочусу Азиз Сейитбековдун жазган билдирүүлөрүнө көзүм урунду. Кыязы, билимдүү адам окшойт. Ал мындай деп жазыптыр:

«Очеркте көрсөтүлгөн Гүлжигит уулу Мажиттин Жумахан деген баласынын дарегин Алмазга кабарлап коюуну туура деп таптым. Балким, туз буйруп кайра ал тарапка барып калса, боордошторго Жумахан жөнүндө билдирер. Ал Оштогу пахтадан кездеме токуу өндүрүштүк бирикмесинде иштейт. Аны Ош калаасындагы Кыр-Арыкта жашоочу үй ээси Савахан Кадырова билет. Анын жашаган так дареги Верный Увамский—113. Ошондой эле Абдил Кудуз байдын жалчысы Абдимиталиптин тагасы Ысак аксакал Кара-Суу районуна караштуу Баш-Булак айылында жашайт. Анын уулу Нурмамат облустук ооруканада көз врачы болуп эмгектенет. Атасы Сражидин да ушул айылда жашайт».

Мен бул билдирүүнү окуган соң, аябай кубандым. Буйруса, Абдимиталипти эмки барган сапарымда кубантам го деген ойдо болдум. Баса, Кичи Памирдеги кыргыздар, «Жумахан деген инибиз сиздерге өтүп кеткен, дарегин билбейбиз, балким сиз таанырсыз», — деген болуучу. Аларга мен таанybaймын деп айткамын.

Кыскасы, ушул үн кошууну окугандан кийин менде башкача сезим пайда болду. Мургабдык Азиз Сейитбеков айткан Оштогу үйгө бардым. Мандем чыкпады. Көчүп кетишиптир. Жер-жерлердеги ички иштер бөлүмдөрүнүн паспорт столдорунун начальниктерине коңгуроо чалып, иликтөө жүргүздүм. Алар издеп көрөлү деп айтышты.

Бир күнү эле университетте окуп жүргөндө таанышып калган жолдошум келип: «Бир киши бар, Оогаңстандан 14 жашында келген, жолугасыңбы?» — деп калды. Издегеним асманда эмес, жанымда тургандан кийин кантип баш тартайын. Дароо эле макул болдум, тигини ээрчип жөнөдүм. Барсак ал үйүндө жок экен. Эртеси өзүм жалгыз бардым. Дагы жок экен. Орто мектептин 11-классында окуп жаткан кызы чыкты. Өмүрүн берсин, адамгерчиликтүү экен. «Үйгө кириңиз, чай ичип кетиңиз, атама эмне деп айтайын, сиз кимсиз?» деп тим эле кадыресе

адамдардай мамиле жасады. Кирип даам ооз тийдим. Келген жайымды айттым. Аты Гүлбайра экен.

— Атаң каерлик экенин билесиңби? — дедим сөз арасында.

— Билем, сиз Алмаз акесизби. Биз билебиз. Атам сизди издеп, тапбай жүрөт.

— Атаңдын туугандарынын сүрөттөрүн көрсөтөйүнбү? —

— Болуптур, — деди. Эмнеси болсо да кан-канга тартат эмеспи. Аябай кызыкты.

Мен Оогандык кыргыздардын Кичи Памирдеги сүрөттөрүн көрсөттүм. Кыз баарын карап чыкты да:

— Сиз жазгандарды бүт окугамын. Атам ошонун баары туптуура деп айткан, — деди.

— Болуптур, карындашым мен кетейин, атаңа айтып кой, эгер убактысы болсо, мага жолуксун, — деп дарегимди таштап кеттим.

Арадан үч күн өткөндөн кийин кабинетте олтургам. Бирөө каалганы ачып:

— Алмаз кайда экен? — деп сурап калды.

— Мен Алмазмын, — дедим.

Ал киши күлүп жиберди. Дароо эле сезе койдум. Баягы мен издеген киши тура.

— Сени дал ушундай элестетчүмүн, — деди ал экөөбүз учурашкан соң.

Кабинеттеги диванда олтурабыз. Жанымдагы жолдошторумдан кечирим сурап бизге жолтоо болбоосун өтүндүм.

— Менин атым Мамарасул. Атамдын аты Абдираим. 1940-жылы Ооганстандын Кичи Паминдеги Чаар-Таш айылында туулгамын. Атам Абдираим кедей болуучу. Апам да кедейдин кызы болгон. Колубузда эч нерсе жок эле. Жашоо үчүн байларга жалчы болуп күн көрчүүбүз. Күндөрдүн өтүшү биз үчүн жыргал эле. Кээде курсагыбыз тойсо, кээде ачка жатып калчубуз. Ошентип, өлбөстүн күнүн көрүп жашап жаттык. Жашоо кызык экен, ал үчүн ар кандай иштерге барат экенсиң. Жаш болсом да, байлардын малын кайтарып, үй-бүлөгө жардамымды тийгизүүнү каалоочумун.

Курдаштардын ичинен тирикарагыраак элем. Бул Жаштык өтүп кетип, жашап калышыма да ушул тирикарагыраактыгым себепкер болду окшойт. Балдар менен чогулуп ойноп калганда кээде байлардын балдарын уруп кой-

чумун. Анын азабын далай жолу тарткамын. Үйгө барсам, апам урушчу: «Эмне себептен тиги байдын баласын урдуң, жөн жүрбөйсүңбү, малын башка бирөөгө берип койсо биз ачка калбайбызбы?» — деп.

— Мамарасул аке, менин Ооганстан тууралуу жазгандарымды окудуңузбу?

— Ооба, айланайын, ооба. Балдарым да окуду. Сени издеп таппай жүрдүм. Жолугуп сүйлөшөйүн деген оюм бар эле. Кудаанын айткан күнү мына бүгүн экен, жолугуштук. Мен сени тапсам болмок, бирок сени мени таптын. Ошон үчүн чоң ыракмат. Туугандарыма кандай аракеттерди жасап жатканыңды билемин. Көр тиргилик деп, ана-мына деп жүрүп, сага өз убагында жолуга албай калдым...

— Эч нерсе эмес, Мамарасул аке. Ар бир нерсенин сааты чыкпаса кыйын да. Мына жолугуштук. Мен дагы аябай кубанычтамын. Эми эгер оор келбесе кантип СССРдин атуулу болуп калдыңыз? Ушул тууралуу айтып бериңизчи?

— Мейли, мейли. Чынын айтсам коңшулардын эч кимиси менин оогандык кыргыз экенимди билишпейт. Алар мени Тажик ССРинин Мургаб районунан келген деген пикирде жүрүшөт. Эмесе, кеп мындай. Сырымды сага айтпаганда кимге айтам. Угуп тур. Туулган жеримди жогоруда айтып кеттим. Жашымдан байдын малын бакчумун. Ал байдын мен курдуу баласы боло турган. Балким азыр амандыр. Күндөрдүн биринде байдын коюн талаага жайып чыктым. Кыш түшүп калган. Чокоюм жыртылып, апамдын бир нече жолу жамап бергенине карабастан суу кирип кетчү. Байдын баласы менен талаада кой жайып жүргөн мезгилде тилдешип кеттим.

— Байдын аты ким эле?

— Төрөкул болчу.

— Баласычы?

— Мамадаип эле. Апасынын аты Базархан. Алардын 500 койун бакчумун.

Ошентип, бир күнү Орто-Бел деген кыштоого мен курдуу балдар кошо келишти. Аларды азыр да эстеп турам. Чымчык, Ыса, Касым жана башка 4—5 бала элек. Мен койлорду кароо менен алекмин. Бала экенбиз, койлордун артынан ойногончо кете берипбиз. Балдар менин жаныма ойноп келишкен. Койлор болсо уламдан-улам жайыт кууп кете бериптир. Бир маалда эле алдыбыздан катар тартылган узун зымды көрдүк. Көп деле бийик эмес экен. Мурун «Советтин жерине өтсө күнөө болот» — деген сөздү аксакалдардан угуп жүрчүбүз. Бирок, каерден өт-

сө күнөө болоорун билчү эмесбиз. Ошол зымдын жанына келгенде мурунтан талашып-тартышып келаткан маселебиз күч алып кеткен сыяктуу. Байдын баласы Мамадаип экөөбүз урушуп кеттик.

— Силер бай болсоңор дагы зыкымсыңар. Менин чокойумдун жыртылганын көрүп турса дагы сенин атаң жаңысын берген жок, — деп айтып жибердим сөз арасында.

— Сенин атаң жакшы болсо өлбөй тирүү жүрбөйбү! Сага жаңы чокой тигип бербейби, — деди ал.

— Мен силердин малыңардын акысын качан алам?! — деп кыйкырдым. Тээ алты жашымда өлүп кеткен атамды айткандыгы үчүн намыздандым.

— Сенин атаң зыкым! — дедим.

— Мен атама айтам, сени койчулуктан бошотот. Ошондо ачка каласың, — деди ал териктирип.

Чынында эле бул коркунучтуу болуучу. Эгер менден бай малын башка бирөөгө алып берип койсо, анда биз апам жана бир туугандарыбыз кантип жан сактайбыз? Унчукпай туруп калдым. Мамадаип менин жүрөгүмдөгүнү сезгенсип, дароо үстөмдүк кыла баштады.

— Сени сөзсүз атама айтам, — деди ал шылдыңдай сүйлөп.

Мен дале унчукпадым. Кыжырымды ичиме сактадым. Ошол маалда Ыса:

— Ээй балдар! Мынабы зымдардан ким ары секирип өтө алат? — деп кыйкырып калды.

— Мен, — дедим дароо. Өзүмдү Мамадаиптен жогору көрсөтүү сезими пайда боло калды.

— Жок,— деди Касым. Биринчи мен секиремин.

Ошентип, адегенде Касым секирди. Бирок, зымдардан өтө алган жок. Урунуп алды. Экинчи болуп Ыса секирди. Ал дагы өтө алган жок. Мамадаип өтө албоосуна ишенди окшойт, секирбеди. Мен андан кыйын экендигимди билдирейин деген кыялда чуркап келип секирдим эле зымдардан так түйүлүп өтүп кеттим. Балдар чуулдап калышты. Мамадаип болсо оозун ачып, балдарга кошулуп мени кубаттап күлөөрүн же унчукпай намызданаарын билбей туруп калгандыгы азыр да көз алдымда.

— Кайра биз жакка секиргин, — дешти балдар.

Мен аларга «көрдүңөрбү» дегенсип, колумду көтөрүп койдум. Алар да мага «азаматсың» дегенсишип, колдорун жогору көтөрүштү. Ошол зым тартылган жердин Ооганстан тарабы эми өйдөрөөк бийик, ал эми СССР тарабы төмөнүрөөк экен. Анткени,

кайра секирээрде мага ошондой сезилген. Ошондуктан күүлөнүп келип секирүү максатында он метрче артка бардым. Дал ушул учурда арытан атчан эки инсан чаап келип калды. Адегенде мен алардан түк чочулаган жокмун. Таңыркай карап туруп калсам бирөөсү аттан түшө калып колумдан кармап, дароо артка кайрыды. Ошентип, экөө өз ара бирдемелерди сүйлөшүштү да, мени атка өңөрүп алып кетишти. Каякка экендигин билген жокмун. Бирок, жүрөгүм кооптуу нерсени сезип, ыйлап жибердим. Эң акыркы көргөнүм — айылдаш досторум тызылдап качып баратышкан экен. Атчандар мени кармап алышканын көргөн байкуштар чочуп кетишсе керек. Балким, «бизди да кармап алып кетет» деген түшүнүктө болушкандыр. Ким билет? Чынын айтсам ошондо алардын эмнеден качып баратышканын али да түшүнбөйм. Мүмкүн, «зымдан өтсөңөр чоң жамандык болот»деген карыялардын сөзүн алар эстей коюшкандыр.

Мени ай-буйга келтирбей алып кетишти. Бирөө өмүрүмдө көрбөгөн сап-сары түстүү, бири кара-тору экен. Ошентип кийин билсем СССРдин чек арасын бузган адам катары кармалыпмын. Адегенде СССРдин Тажик ССРинин Мургаб районундагы тийиштүү мекемелерге сурак бердим. Кийин Тажик ССРинин Душанбе шаарына алып барышты. Ал жерде сурак бердим.Акыры менин кокустан өтүп калганымды аныкташты окшойт. Сурак токтотулду. Бирок, чек араны бузгандыгым үчүн 2 жылга эркимден ажыратылдым. Ошондо мен 14 жашта элем..:

Абакта алты айга жакын гана олтурдум. Кийин жаштыгыма байланыштуу акталып кеттим. Абактан чыккандан кийин Душанбедеги цемент чыгаруучу заводго орноштуруп коюшту.

Ошентип, 1963-жылдан 1969-жылга дейре Душанбеде иштедим. Кыргыз деген элди издей баштадым. Кээде көчөдө жүрүп, өңү кыргыз түстөнгөн инсандарга барып:

— Сен кыргызсыңбы? — деп тартынбай эле сурап жүрдүм. Бактым бар экен. Күндөрдүн биринде азыркы Тажик ССРинин Мургаб районунун аймагынан барышкан студенттерди таап алдым. Сураштырсам тегибиз, уругубуз бир экен. Алар мага Ош шаарына барууга кеңеш беришти.

— Ошолордун ким экенин азыр эстей аласызбы? Мага мүмкүн болушунча күбөлүндүрүлгөн фактылар керек...

— Ооба, кантип унутайын аларды. Мургабдык Карыбек, Тажидин, Сражидин жана башкалар болуучу. Ошолор мени Мургабдык туугандарыма айтып барышыптыр. (Жогоруда уруу ууралуу сүйлөштүк дебедимби). Мургабтагы туугандарым мени болжолдошуп «ошолбу же ошол эмеспи» — дешип, ар кандай ойлордо болушуптур. Кыскасы мен Ошко келдим. Ошентип,

тагдыр экен ушул аялыма үйлөндүм. Кайын атам дагы теги Мургабдык болучу. Ал мага:

— Оогандык кыргыздар биздин туугандар болот. Баарыбыздын уругубуз, тегибиз бир. Насип экен, келип калыпсың, болуптур мен сага кызымды берейин. Сен аны кор кылба. Биз кемпир экөөбүз карып калдык. Эгер ааламдан өтүп кетсек, арпетибизди жаса, — деп айткан эле. Ошол кайын атамдын жардамы менен ирденип кеттим. Азыр кудаага шүгүр, 9 балалуу болдук. Анын төртөө уул.

— **Мамарасул аке, өзүңүз эмне иш аткарасыз?**

— Мен 1969-жылдан бери ушул Кара-Суу районунун Катта-Талдык совхозунда иштеп келатам. Негизинен жумушчумун. Сезондуу иштерге активдүү катышам. Аялым да ушундай. Балдарыбыздын эң чоңу ошол сага жолуккан Гүлбайра. Быйыл орто-мектепти аяктайт. Жогорку окуу жайына барам деп жүрөт. Биз апасы экөөбүз каршы эмесбиз. Негизинен жакшы окуйт. Кийинкиси уулум. Аты Медербек. Азыр 10-класста окуп жатат. Ал дагы зээндүү.

— Жакшы экен. Мамарасул аке, туугандарыңыздын сүрөтүн көрсөтөйүнбү? — дедим аны сынай тиктеп.

— Ооба, ооба, — деди ал дароо жандана түшүп, көздөрү күлүңдөп кетти.

— Мына, көрө бериңиз, тааныгандарыңыз болсо мага айтыңыз, — дедим 50гө жакын фотосүрөттөрдү анын алдына коюп.

Ал сүрөттөрдү шаша тиктей коюп, кайра колуна ала коюп, жаш балача болуп жатты.

— Мынабу Заир Тилебалды уулу, — деди ал кыйкыра сүйлөп.

— Туура, — дедим мен. — Ал Кичи Памирдеги комузчулардын бири.

— Болушу мүмкүн. Жаштайынан эле айтыштарга катышып калчу.
— Бул Абдирашит, — деди ал кубана карап.
— Туура, — дедим.

Кыскасы ал тааныгандарын так айтып жатты. Негизинен өзү курдууларды жана улууларды таанып жатты. Жаштарды тааныган жок...

Сүрөттөрдү көрүп бүттү. Унчукпай калды. Колунда бир чоң сүрөт туруптур, тоонун сүрөтү экен...

Экөөбүздүн ортобузда үнсүз музыка ойноп жатты. Ал музыка улам барган сайын биздин башыбызды бийлеп алды. Үнсүз музыка! Муну башынан өткөргөн гана билет.

Мен 14 жашымда кандай окуялардын күбөсү болгондугумду эстей баштадым. Айлым. Миязды. Ортосунда бир жол бар, эки тарабы үйлөр. Өзү чакан айыл. Бирок, эли тирикарагыраак. Айрыкча мурунку муундар кыйын болушкан экен. Азыр «кыйын» эч ким деле жок. А, балким келечекте чыгышаар. Биздин үйдүн алдында өзөн бар. Ошол өзөнгө кичинемде балык тутканы барчумун. Өзөндүн боюнда тал, чычырканак көп болчу. Азыр жок. Апама жардам берип ,ошол өзөндөн суу көтөрүп чыкчумун. Кээде тил албай качып кетчүмүн. Чынында өзөн бир топ эле төмөн эле. Биздин үй жогоруда болуучу. Мектептен келгенде колума кап алып, тезек терчүмүн. Балдар менен согуш оюнун ойноочумун...

Мен сигарет алып тутандырдым. Ширенкенин жанган үнүнөн улам Мамарасул аке селт этти.

— Эмне дедиң, — деди ал мени карап.

— Сигарет чегесизби? — дедим. «Сизге сүйлөгөн жокмун» деп айткым келбеди. Аны үнсүз улуу музыка бийлеп алгандыгын мен сезип тургам.

— Үх! — деди ал оор үшкүрүнүп.

— Эмне болду, — дедим ага?

— Мынабу сүрөтүндөгү тоо менин туулуп өскөн айылыма өтө окшоп кетет экен. Айласыздан балалык кезди эске түшүрдү, — деди ал акырын сүйлөп.

— Балалык менен кездешүү өто жакшы болот аксакал, — дедим.

Ал дагы үшкүрүнүп алды.

— Мен дагы балалык кез менен кездешүүнү укмуштай каалаймын, — дедим.

— Мен кээде түшүмдө кыска гана көрүп калчумун. Азыр туулган айылды даана көргөндөй болдум. Ушул тоо менин айылымдын тоосу болуу керек,—деди ал сүрөттү колу менен сылай.

Мен унчукпадым. Ал сүрөттү мага кайра берди.

— Туулган жериңизди, тууганларыңызды көргүңүз келеби?

— Кантип көргүм келбесин! Алардын өңүн көрүп, сүйлөшсөм моокумдан канаар элем. Бирок, жашоо үчүн барбаймын. Ал жакта шарт өтө оор, өмүр кыска. Мүмкүн болсо, тууганларымды ушул жакка өткөзүп алсак кана, атаганат!

— Балдарын жакында алып келип окутабыз.

— Жакшы болот эле. Келип билим алышса биздин балдарга окшоп, ак-караны ажыратып калышар.

— Ооба, Мамарасул аке, биздин максат да ошол. Оогандык кыргыздарга өзгөрүү киргизе турган бирден-бир күч дал ошол бизге келип окуй турган балдар. Алар келечекте билимдүү болушкандан кийин, биздеги турмушту көрүшкөндөн кийин кайра Ооганстанга барышып, ал жакка чоң жаңылык киргизишет. Памирлик кыргыздарга жардам беришин Кабулдан талап кылышат. Памирдеги кен байлыктарды ачышат. Ар кандай заводдор курулат. Балким, келишим боюнча СССР жардам берип калаар. Кыскасы, келечекте, кудаа кааласа, дагы 10—15 жылдан кийин аларда ойгонуу болот. Биз сенек доорунан чочуп ойгонгон сыяктуу эле аларда да чоң өзгөрүү болот. Мен ушуга ишенем.

— Мен дагы ишенем, Алмаз, ал үчүн башталган ишти аягына чыгарууга тийишсиңер...

— Мамарасул аке сиз Ооганстанда жашап жүргөндө Рахманкул ханды көргөнсүзбү?

— Ооба, көргөнмүн. Узун бойлуу, кара-тору киши эле. Сүрдүү болуучу. Абдибакиш, Баит, Малик деген балдарын дагы жакшы билем. Рахманкул хан Кызыл Коргон деген айылда жашап жаткан эле. Биздин айыл менен хандын жашаган жеринин аралыгы азыр эстесем 10 чакырымча бар экен.

— Азыр Кичи Памирдин эң байы Афанди бай. Тааныйсызбы?

— Өзү мен көргөндө жаш бала эле. Ошол мен көргөн баланы, же башкабы айталбайм. Бирок, анын ата-тегин жакшы билем. Толубай, Сатар Дөңмамат деген кызыл баш уруусунан жакшы чыкмалары бар эле. Булар бир туугандар болучу. Толубайдын баласы Афанди. Атасы ааламдан өткөндөн кийин мал-мүлкү Афандиге мурас болуп калса керек. Апасын да билем. Аты менимче Турдубүбү болуш керек эле.

— Туура эле айттыңыз. Турдубүбү. Азыр бар.

— Кыйын аялдардан болуучу.

— Сиз кайсы уруудан болосуз?

— Мен кутан уруусунанмын.

— Эми Мамарасул аке, сиздин ата-тегиңизди калкка кеңири жана түшүнүктүүрөөк баяндап берели. Ошондуктан башынан өзүңүз эле айтып бериңизчи.

— Жакшы болот. Атам Абдираим өзү 5 бир тууган болушкан. Алар Шайымкул, Кожомкул, Жунус, Стамкул, Абдираимдер болушкан, Менин атам бир туугандардын эң кичүүсү болгон. Мен Ооганстанда экенде Кожомкул абам менен атам ааламдан өтүп кетишкен эле. Жунус, Стамкул абамдар тирүү болуш-

чу. Эми бир нерсеге көңүлүңүздү бурайын. Эң зор абам Шайымкул Ооганстанда эмес эле. Илгери бир туугандары жайлоого көчүп кеткенден кийин бир күнү эле чек ара тосулуп, Шайымкул Мургабда калып калган. Башка 4 бир тууганы Ооганстандын чек арасынан ары жакта калып кетишкен. Ошентип, Шайымкул абам Мургабда жашап жүрүп, кийин ааламдан өтүп кетиптир. Анын2 уул, 1 кызы бар экен. Кийин тааныштык. Азыр катташып турабыз. Экинчи абам Кожомкулдун 4 уулу бар. **Жээнкул, Шамши, Жума, Камар.**

— Ооганбек уулу Абдирашиттин эң чоң күйөө баласы Камар эмеспи.

**— Ооба, ошол.**

**— Жунус абамдан 2 уул бар. Каримкул, Касым. Стамкул** абамдан 1 уул, 1 кыз бар эле. Өмарбек, Турсунбүбү. Ушул Турсунбүбүнү кичинесинде Заир Тилебалды уулуна болуп коюшкан эле. Менимче ошого үйлөнгөн болуш керек.

— Заир Тилебалды уулун тааныйм деп жогоруда айттым окшойт, комузчу. Барганда сурап көрөйүнчү.

— Атам Абдирапмден 3 уул, бир кыз. Мен бул жакка өтөөрдө эң зор агам Абдрасул 18, Куламрасул 16, карындашым Алима 12де эле. Азыр алар тууралуу эч нерсе билбейм. Эгер алар бала-чакалуу болгон болсо, бул жакка келип окуй турган балдардын арасына ошол менин бир тууганларымдын балдарын да кошуп ала келсеңер жакшы болоор эле.

— Сиз жогоруда айтып кеткен тууган-уруктарыңыздын баары эске алынат.

— Мен кошо барсам болобу?

— Бул маселени мен чечпеймин. Бирок жардам берүүгө жан-дилим менен аракет жасайм.

— Ыракмат, ыракмат.

Ошентип, Мамарасул аке менен жакындан тааныштым. Бири-бирибизге жагып калгандай эле болдук. Эң башкысы ал менден чочулаган жок. Ушунусу мени аябай кубандырды. Ишеним болгондон кийин иш алга жыла берет эмеспи.

Баса, 29-апрелде Ош сыналгысына Оогандык кыргыздар тууралуу көрсөтүүгө чакырып калышты. Мен Мамарасул акени да сунуш кылдым. Экөөбүз эл алдына экрандан чыктык. Убакыт тарыраак болуп калып, кеңири айта албай калдык окшойт. Сыртка чыккандан кийин Мамарасул аке аябай кубанды.

— Жеңең көрдү бекен десең? — дейт ал.

— Айттыңыз беле?

— Айткамынго, бирок саатын айтпаптырмын. Мени сыналгыдан жеңең көргөндө сонун болот эле да. Менин ким экенимди билет эле жеңең. Балдарым көргөндүр — ха-ха.

— Балдарыңыз көрсө, апасын чакырышат да сырттан, — дедим мен.

— Көрүшкөндүр...

— Болуптур эмесе, Мамарасул аке, көрүшкөнчө. Тез-тез жолугушуп туралы, балдарыңызга салам айтып коюңуз, — деп кош айтыштым.

— Ыракмат, ыракмат. Сени көрүп, Ооганстандагы туугандарымды көргөндөй болуп калдым. Убакыт болсо эле сага келип турам, — деди ал колумду кысып.

...Эртеси Чоң Памирдеги Абдил Кудуз байдын жалчысы Абдимиталиптин атасы Сражидинге барып жолуктум. Ал Кара-Суу районунун Мады айылында жашап жатыптыр. Азыр 78 жашка чыгыптыр. 1913-жылы туулган экен. 2 кыз 1 уулдуу болуптур. Тун кызы Айша 3 балалуу, 31ге чыгыптыр. Экинчи кызы Ажар 1963-жылы туулган, Ош калаасында иштейт. Уулу Абдырап 1966-жылкы, Мадыдагы ооруканада эмгектенет. Жубайы Толгон эже мектепте техникалык кызматкер болуп иштеп жүрүп, азыр пенсияга чыгыптыр. Неберелерин багып олтурат. Эстүү аял экен.

— Бул Ооганстандагы Абдимиталип деген уулуңуз, — деп Сражидин аксакалга сүрөттү карматтым. Бир топко чейин үнсүз карап турду. Анан өөп койду сүрөттү. Улгайган адамдын жүрөгүн бошотпоюн деген ойдо сөздү башкага бурдум.

Сражидин аксакалдын тарыхы да кызык жана татаал. Ал Ооганстандын Чоң Памиринде жергиликтүү бийликтин жетекчиси болуп турган. Эки аял алган. Турмуш шарты жетиштүү болгон. 1952-жылы төөлөрү чек арадан биз тарапка өтүп кеткенде аларды кайра артка кайтаруу үчүн чек арадан биз тарапка өтүп кеткен (өзүнүн айтуусу боюнча). Ошол маалда чек арачылардын колуна түшкөн. Тажик ССРинин Душанбе шаарында соттолгон. Ага адегенде 25 жыл, кийин 10 жыл эркинен ажыратуу өкүмү чыгарылган. Жазаны алыскы Иркутскиде өтөгөн. Жети жылдан кийин 1959-жылы Ошко жазасын өтөп келген.

— Мен Иркутскиде ар кандай оор иштерди аткардым. Карагай кыйдым, ташыдым, жыйдым, кыргыз улутунан бир эле мен болчумун. Арадан жылдар өткөн сайын башка улуттардын тилин өздөштүрүп, ымала түзө баштадым. Мөөнөтүм аяктайын деп калганда Кыргызстандын Ош жергесинен бир кыргыз жигити барды. Аны өңүнө карап кыргыз экендигин билдим. Сурасам чын эле кыргыз экен. Кучакташып көрүштүк. Өзүмдүн бригадама жумушка орноштурдум. Бир туугандай болуп жүрдүк. Ага мен башымдан өткөндөрдү айтып бердим. СССР боюнча сенден башка кыргызды таанбаймын дедим. Мөөнөтүмдү өтөгөндөн кийин СССРдин атуулу боло тургандыгымды, каалаган жерге жашай тургандыгымды билдирдим. Ал болуптур, мен туулган жеримдин, туугандарымдын дарегин берейин, ошол жакка бар, сени тосуп алышат, жумушка орноштурушат, ал жердин баары кыргыз деп айтты. Мен кубанып калдым. Кудай мага сени жиберген экен дедим. Ал жигит ошондо 30 жаштарда болуучу. Аты Сайпидин эле, фамилисы Тиленбаев болуучу. Азыр ааламдан өтүп кетти. Көрсө ал Ош шаарынын жанындагы Жапалак деген айылдан экен. Айтканындай эле туугандары тосуп алды. Сайпидин аларга кат жазып жиберген экен. Жылуу кабыл алышты. Абактан чыккан адамда эмне болсун, турмуштан өз ордумду табууга жардамдашты. Ошентип жүрүп Ооганстандагы аялымдын бир тууган иниси Ысак деген кайнимди Оштон таап алдым. Аялым Бузуурадан иниси Ысактын Ошто экендигин мурда уккан болчумун. Тагдыр экен табышып калдык. Ал бала-чакалуу, оокаттуу жашап жатыптыр. Ага да болгон ишти бүт айтып бердим. Ал мага жакындан жардам көрсөттү. Өзү эт комбинатында иштейт экен. Мени дагы өзү менен кошо иштөөгө чакырды. Бирге иштештик. Ушул жубайым Толгон менен тааныштырды. Көңүлүбүз келишип баш кошуп алдык. Ошондон бери Ош калаасында жашап жүрдүк. Бул жакка жакында гана көчүп келгенбиз. Пенсияга эт комбинатынан чыктым. Өзүм кыдырша уруусунан болом. Чек арачыларга колго түшкөндө 39 жашта элем... Мына эми 78ге чыгып калдым...

— Ооганстанда канча балаңыз бар? Сизди Абдимиталип гана «Ошто Сражидин деген атам бар» деп сураган болуучу.

— Ооганстанда азыр 4 уул, бир кызым бар. Алар Абдикарим, Абдибахап, Абдимиталип, Абдидудут жана Нүсакан деген кызым.

**Азыр Сражидин аксакалдын Абдикарим жана Абдидудут** деген балдары жок, ааламдан өтүп кетишкен. Абдикаримден 3 уул, 3 кыз бар. Абдимиталиптен бала жок. (мурда жазган очер-

кимде да айткамын). Нүсакан турмушка чыккан, канча баласы бар экендигин сурабаптырмын.

Сражидиндин 2 аялы болгон деп жогоруда айтып өттүм. Бүзуурадан Абдикарим, Абдибахап, Нүсакандар. Чоң байбичеден болсо Абдимиталип менен Абдидудут экөө.

— Балдарын алып келип окутсаңар менин балдарымдын уулкыздарын дагы унутпасаңар,— деди карыя.

— **Болуптур.**

— Эгер бул жакка келип калышса мага учурашканы келишээр.

— Албетте, сизге учурашканы келишет, аксакал.

— Түшүнүп турам, эгер силер жардам берсеңер келиши мүмкүн. Мен улгайдым. Оорукчан да болуп калдым. 78 жаш оңой бекен? Ооганстанда бул жашка жеткендер жокко эсе.

Мен карыяга ден соолук каалап жолго кайттым...

Ошол эле күнү Сражидиндин кайниси Ысакка жолуктум. Ага баруумдун себеби Ооганстанда Абдимиталип сурабады беле. Ошондон улам салам айтып коёюн деген ниетте бардым. Ысак аке күүлүү-күчтүү экен. Кара-Суу районунун Баш-Булак кыштагына жакында көчүп келиптир. Мурун Сражидин карыя менен бирге Ош калаасында жашашыптыр.

— Жээниңиз Абдимиталип салам айтты эле, — дедим Ысак акеге.

— Саламат болсун, аман болсун, — деди карыя. Көпкө сүйлөшүп олтурдук.74 жашка чыгыптыр. Уруусу кыдырша экен.

— Ысак аке, ата-тегиңиз кайдан болот?

— Алай районунун Чоң-Алай зонасындагы Чак деген айылдык Кеңешке караштуу Жар-Башы айылынан болобуз. Кийин атам Тажик ССРинин Мургаб районуна көчүп кеткен экен. Балалык доорум Мургаб районунун Аличөл деген айылында өттү. 1950-жылы Ошко келдим. Кара-Суу районунун Калинин айылынан Санталат деген кызга үйлөндүм. Кудайга шүгүр 3 уул, 2 кызым бар. Менин бир тууган эжем Бүзуура Ооганстанда калып кеткен. Буга чек аранын бир эле күндө тосулуп калышы себепкер болгон. Жездем Сражидин Иркутскиден жазасын өтөп келгенден кийин жолугушуп калып, колдон келген жардамымды бердим. Үйлөдүм, жаңыдан үйлөнгөндө менин үйүмдө бир ай жашап турушту. Анан башка үй таап берип бөлүп койдум. Ушул күнгө чейин катташып турабыз. Эжемдин күйөөсүнө жасаган жакшылыгым эжеме жасаганым деп түшүнөмүн.

— Ысак аке, Ооганстандын Кичи Памиринен келген Жумахан деген жигитти тааныйсызбы?

— Анын Ооганстандык экендигин кийин билип жүрбөймүнбү? Ал жигит экөөбүз Кара-Суу районунун Каратай кыштагын-

дагы эт сүт өндүрүчтүк ишканасында бирге иштеп калдык. Жакшы жигит эле. Андан бери 15 жыл убакыт өттү. 1976-жылы мен башка жакка которулуп кеттим. Аны ошол боюнча көрбөй калдым. Баса, мындан эки жыл мурун 1989-жылы Оштогу базардан көрүп калдым. Тааныбай калыптырмын. Өзү токтотуп учурашты.

— Үйлөндүңбү, — деп сурагам.

— Ооба, үйлөндүм, — деген.

Экөөбүз тең шашылыш экенбиз, көп сүйлөшө албай коштошуп кеткен элек. Андан бери көрбөй калдым. Азыр каякта экендигин билбейм.

Биз Ысак акенин үйүндө олтурдук. Аңгыча күн жаан жиберди. Мен кетүүгө камындым. Карыя аялдамага чейин узатып койду.

«Түркүн тагдырлар, түркүн адамдар...» дейм ичимден таң калып. Баарынан да мага Мамарасул аке жагып калды. Ачык-айрым, ичинде кири жок киши экен. Кудаа кааласа мен аны менен түбөлүккө кабарлашып, катташып турам... Менде, эмнегедир ушундай сезим пайда болду...

1991-жыл, март.

# МАЗМУНУ

Тунгуч саамалык 3

Оогандык кыргыздарда 5

Кайрадан Оогандык кыргыздарда 35

Бучар Ооганстанда туулушкан 46